№18
(3571)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2024-жылдын
5-марты

www.erkin-too.kg

Каныбек ОСМОНАЛИЕВ:

## "МИНИСТР КЕНДИРБАЕВА МЫЙЗАМГА ӨЗ БИЛЕМДИК МЕНЕН ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗИП, ДЕПУТАТТАРГА КОШУМЧА ТОКТОМ ЧЫГАРТЫП АЛГЫСЫ КЕЛГЕН"



3-БЕТТЕ

## ЭЛҮҮ МИҢ ДОЛЛАР ЭМНЕНИН БЕТИН АЧТЫ?



4-БЕТТЕ

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg



№18 (3571)
2024-жылдын 5-марты

## Эл өкүлдөрү Улуу Британияда

Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев баштаган парламенттик делегация Улуу Британия мамлекетине расмий иш сапары менен барды.

Иш сапардын алкагында Төрага Нурланбек Шакиев жогорку деңгээлдеги бир катар жолугушууларды өткөрүп, парламенттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө багытталган маселелерди талкуулайт. Ошондой эле Кыргызстандын эгемендүүлүгүнө жана өнүгүүсүнө арналган тегерек столго катышып, Улуу Британияда жашаган мекендештер менен да жолугушат.

Төрага Нурланбек Шакиев баштаган парламенттик делегациянын курамында депутаттар Улан Примов, Жанарбек Акаев, Лейла Лурова, Эльдар Сулайманов жана Жылдыз Садырбаева бар.

## Билим берүүдөгү жаңы саамалык



Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Google корпорациясынын делегациясы менен жолугуп, билим берүү тармагындагы биргелешкен долбоорлор жана окуу процессине заманбап технологияларды киргизүү маселелерин талкуулады.

Тараптар Google программаларын Кыргызстандын мектептеринин билим берүү системасына интеграциялоону камтыган пилоттук долбоорду ишке киргизүү боюнча макулдашууга жетишти. Бул долбоор республика боюнча билим берүү процессин санариптештирүү жана мугалимдер менен окуучулар үчүн заманбап, инновациялык окуу чөйрөсүн түзүүгө карата биринчи кадам болот.

Долбоор мугалимдердин, окуучулардын жана ата-энелердин өз ара тыгыз аракеттенүүсү үчүн иштелип чыккан жана Google Classroom камтыган Google Workspace for Education сыяктуу куралдарды колдонууну камтыйт. Бул курал мугалимдерге билим берүү процессин жекелештирүүгө, башкарууга жана өлчөөгө жардам берет жана Кыргызстандын мектеп системасынын өзгөчө муктаждыктарына ылайыкталат.

# Тамыры терең кызматташтык

Президент Садыр Жапаров Рахим Ага Хан Ханзааданы кабыл алып, билим берүү, экология жана жашыл экономика чөйрөлөрүндөгү кызматташуу маселелери боюнча пикир алмашты.

Мамлекет башчысы Кыргызстан менен Ага Хан Өнүктүрүү Тармагынын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана Кыргызстандын тоолуу аймактарында калктын аярлуу катмарынын жашоо шарттарын жакшыртууга кошкон зор салымын жогору баалаарын айтып, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн жана Афганистандын жаштарына сапаттуу билим алууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берген Нарын шаарындагы Борбордук Азия университетинин ишмердүүлүгүн өзгөчө белгиледи.

Ошондой эле Афганистандын Улуу жана Кичи Памиринде жашаган этникалык кыргыздарга көрсөткөн колдоосу үчүн ыраазычылык билдирди.



# Кашкар сапары



### ЫНТЫМАК БАР ЖЕРДЕ ДОСТУК БЕКЕМДЕЛЕТ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров жумушчу сапары менен Кашкар шаарына барып, ККПнын Борбордук Комитетинин Саясий бюросунун мүчөсү, КЭР СУАР Партиялык комитетинин катчысы Ма Синжуй менен жолугушту.

Жолугушууда Төрага Эркечтам жана Торугарт көзөмөл өткөрүү пункттарынын өткөрүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча Кыргыз Республикасынын көрүп жаткан аракеттерине токтолуп, Кытай Эл Республикасы менен биргеликте күнү-түнү, башкача айтканда 24/7 режимине өткөрүүнүн максат кылып жатканын билдирди.

Ошондой эле Акылбек Жапаров Эркечтам көзөмөл-өткөрүү пунктуна көмүр базасы менен ленталуу конвейерди куруу үчүн жер бөлүнгөнүн айтып, андан ары Бедел жаңы өткөрмө пунктун ачуу жана «Барскоон-Учтурфан-Аксу» жолунун курулушу боюнча кеңири кеп козгоп, Ош – Кашкар – Ош авиа-каттамын ачуу сунушун киргизди.

### КӨПЧҮЛҮК КҮТКӨН ТЕМИР ЖОЛ

Кашкар шаарында КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров, Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри Абдулла Арипов, ККПнын Борбордук Комитетинин Саясий бюросунун мүчөсү, КЭР СУАР Партиялык комитетинин катчысы Ма Синжуй үч тараптуу жолугушуу өткөрүштү.

Жолугушууда Акылбек Жапаров Синьцзян Кыргызстан үчүн Кытай Эл Республикасы менен соода алакасындагы дарбаза болуп калса, өз кезегинде тарыхый жайгашкан орду менен Кыргызстан дагы Кытай Эл Республикасы үчүн Борбордук Азиянын бир нече өлкөлөрүнө чыгууга дарбаза болуп бара жатканын белгиледи.

“Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жолунун курулушу, 3 өлкөнүн соода экономикалык байланышынын динамикалуу өсүшүнө баа жеткис оң таасирин берерин айткан Акылбек Жапаров, бүгүнкү күндө биргелешкен каржылоо менен долбоордун техникалык-экономикалык негиздемеси иштелип чыгып, бекитилгенин билдирди.

Өз кезегинде КЭР СУАР Партиялык комитетинин катчысы Ма Синжуй, Кыргыз тараптын бардык сунуштарын колдой турганын билдирсе, Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри Абдулла Арипов Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолун куруда биргелешкен ишкана түзүүнү колдоду.

### ЫҢГАЙЛУУ ШАРТТАР ТҮЗҮЛҮҮДӨ

КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров, Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри Абдулла Арипов, ККПнын Борбордук Комитетинин Саясий бюросунун мүчөсү, КЭР СУАР Партиялык комитетинин катчысы Ма Синжуй менен биргеликте "Эркечтам" көзөмөл өткөрүү пунктуна барышты.

Бул жерде Кытай тарап, алдыда курулуучу ленталуу конвейерди презентация кылды. Долбоор боюнча ленталуу конвейердин бир башы Кыргызстандын аймагында көмүр базасы менен жайгашса, экинчи жагы Кытай Эл Республикасынын аймагындагы базага туташат. Натыйжада көмүрдү экспорттоого ыңгайлуу шарттар түзүлөт.

Ошондой эле "Эркечтам" көзөмөл өткөрүү пунктунда жаңы курулган "Достук көпүрөсү" менен тааныштырылып, ал ишке кирери менен посттогу өткөрүү процесси тездей турганы белгиленди.

### ЖЕМИШИ МОЛ ЖОЛУГУШУУЛАР

КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кашкар шаарында бир катар компаниялардын өкүлдөрү жана СУАРга негизделген банктардын жетекчилери менен жолугушуу өткөрдү.



Жолугушууда Төрага кытайлык банктарга Кыргызстанга инвестиция салуу жолдорун, гидроэнергостанцияларды, күн жана шамал электростанцияларын куруу долбоорлоруна катышууну карап көрүүнү сунуштады.

Ошондой эле Министрлер Кабинетинин Башчысы «Сани» компаниясынын жетекчилери менен жолугушуп, Кыргызстандын инвестициялык жагымдуу шарттары тууралуу айтып берди. Мындан тышкары, Акылбек Жапаров Кызыл Суу-Кыргыз автоном облусунда жайгашкан айыл чарба продукцияларын иштетүүгө, сактоого жана экспорттоого багытталган ири компаниянын жетекчилиги менен сүйлөштү.

### КЫЗЫЛ-СУУДА "МАНАС" ЖАҢЫРДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Кызыл-Суу Кыргыз автоном облусунун Артыш шаарындагы маданий борборго барды.

Маданий борбордо Төрагага Кызыл-Суда отурукташкан элдердин, анын ичинде кыргыздардын тарых таржымалын айтып беришти. Төрага ошондой эле тарыхый экспонаттарды, кызыл суулук кыргыздар колдонгон буюмдарды көрүп чыкты. Маданий борбордогу "Манас" эпосуна арналган атайын музей менен таанышкан Акылбек Жапаров баштаган Кыргыз делегациясына улуттук аспаптар менен чыгармалар тартууланып, "Манас" эпосунан үзүндү айтылды.

Жыйынтыгында Акылбек Жапаров Артыштагы маданий борборго улуттук колориттеги шырдакты белек кылып, жакынкы аралыкта музыкалык аспаптар берилээрин билдирди. Мындан тышкары Министрлер Кабинетинин Башчысы Артыштагы бул маданий борбор менен Бишкектеги "Манас" Кыргыз улуттук театрынын кызматташтыгын бекемдөөнү Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине тапшырды.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЭЛДИН ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮГҮ – АНЫН ТИЛИНДЕ
Ч.АЙТМАТОВ

www.erkin-too.kg

**КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Каныбек ОСМОНАЛИЕВ:**

# “Тил мыйзамын аткарбаган жетекчилерди кызматтан алыш керек”

**- Каныбек Осмоналиевич, кыргыз тили боюнча Конституциялык мыйзамдын кабыл алынганына 7 айдын жүзү болуп калды. Бул аралыкта кандай өзгөрүүлөр болду?**

- Конституциялык мыйзам эмне үчүн кабыл алынды? Мен адегенде бул мыйзамдын тарыхы тууралуу бир аз кеп салып берейин. СССРдин учурунда 1989-жылы биздин агаэжелерибиз чоң эмгек жасашкан. Советтер Союзунун тушунда мындай мыйзамды кабыл алуу эрдикке тете иш болгон. Сессияда Кыргызстан КП Борбордук комитетинин 1-катчысы Апсамат Масалиев өзү тил боюнча баяндама жасаган. Ошондой эле Медеткан Шеримкулов, Таштанбек Акматов сыяктуу агаларыбыз да көп эмгек кылган. Быйыл мыйзамдын кабыл алынганына 35 жылдын жүзү болду. Эмне үчүн мыйзам толук кандуу иштебей калды? 2004-жылы оңолгонго бир сыйра аракет жасап, мыйзамдын көп беренелери күчөтүлгөн. Бирок, “мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер мамлекеттик тилди, же расмий тилди билиш керек” деп, кыргыз тилинин мүмкүнчүлүгүн чектей турган беренелерди киргизип коюшкан. Ошол “же” деген байламта 35 жыл кендирибизди кесип келди. Ушул сыяктуу эки ача нерселер биздин тил мыйзамыбызды такыр эле иштебей турган абалга жеткирген. Бул жагынан Президентибиз Садыр Жапаров эрдик кылды. Алгач 2020-жылы Премьер-министрдин милдетин аткаруучу болду, андан кийин Президент болгон кездеринде да бардык жыйындарда, маалымат каражаттарына берген маектеринде кыргызча сүйлөдү. Президенттин бул кадамына сын айткандар да болду. Андан кийин Башкы прокурорубуз Курманбек Зулушев да кыргызча сүйлөгөнгө өттү. Азыр Башкы прокуратура кыргыз тилинде иш кагаздарын жүргүзүү боюнча алдыңкы орунда келе жатат. Тил үчүн жакалашкан күндөрүбүз да болду. Мени “этнофашист” деп аташты. Өткөндө бирөө гезитке “языковый патруль” деп жазыптыр. Кыргыз тили боюнча Конституциялык мыйзамдын кабыл алынышында эки киши эрдик жасады. Биринчиси Президент Садыр Жапаров, экинчиси Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев. Нурланбек Шакиев мыйзам кабыл алынганга чейин комитеттерде каралган үч окууда тең, андан кийин жалпы сессияда өзү жыйынды башкарып, депутаттарды добуш берүүгө үндөп, көзөмөлгө алып турду. Жогорку Кеңеш мыйзамды 31-майда кабыл алды, 17-июлда Президент дароо кол коюп жиберди. Ошентип мыйзам толук кандуу күчүнө кирди.

**- Кечиресиз, мыйзам күчүнө кирсе, анда эмне үчүн Жогорку Кеңештин депутаттары жакында эле кайрадан тил маселесин талкууга алышты. Буга эмне себеп болду?**

- Ага Билим берүү жана илим министри Д. Кендирбаеванын 2024-жылдын 7-февралында чыгарган буйругу себеп болду. Бирок, депутаттар министрдин буйругун четке какты. Эрежеге ылайык тил боюнча Конституциялык мыйзам кабыл алынып, күчүнө киргенден кийин ал мыйзам толук түрдө аткарылыш керек. Ырас, жаңы мыйзамда айрым депутаттардын кыжырын келтире турган беренелер бар. Мисалы, 5-беренени алалы. “Мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлер мамлекеттик тилди билүүгө милдеттүү” деп так, даана жазылган. Мурдагы “же” деген байламта алынып салынган. Ал эми 10-беренеде “мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий документтери мамлекеттик тилде жолжоболоштурулат жана мыйзамдарда каралган учурларда расмий тилге которулат жана эки тилде жарыяланат” деп жазылып турат. Ал эми 32-берене да өтө маанилүү. Мамлекеттик тилде кайсы мекеме-ишканалар иш алып барып, аны аткарууга милдеттүү экендиги так, даана жазылган. Анда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестерине белгиленген тизмедеги мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар деп жазылып турат. Бул реестрге Президент өзү баш болуп, айыл өкмөттөрү, жөнөкөй кызматчыларына чейинки адамдар кирет. Демек, бардыгы мамлекеттик тилди билүүгө милдеттүү. Мунун ичине Жогорку Кеңештин депутаттары, ички иштер жана башка укук коргоо органдарынын кызматкерлери, соттор, прокурорлор, адвокаттар, нотариустар, банк кызматкерлери, бардык окуу жайлардын жетекчилери, мугалимдери ж.б. кирет.

**- Сессияда айрым депутаттар мектепти бүтүрүп жаткан окуучулар кыргыз тилден тест тапшырат деген беренени боюнча талаш пикирлерин айтып чыгышты. Ал канчанчы берене?**



- Ал тил мыйзамынын 17-беренесинин 3-пункту. Толугу менен келтирели: “Жалпы билим берүү уюмдарында (мектептерде, лицейлерде, гимназияларда) милдеттүү түрдө кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү көчүрүү (класстан класска), бүтүрүү экзамендери, ал эми башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында кирүү жана бүтүрүү экзамендери киргизилет.”

Баары так, даана жазылып турат. Министр Догдургүл Кендирбаева мыйзамга өз билемдик менен өзгөртүү киргизип, анысын Жогорку Кеңешке алып барып, депутаттарга кошумча токтом чыгартып алгысы келген. Комитеттин кароосунда айрым депутаттар мени таламайга алышты. “Биздин орус, өзбек, тажик мектептеринде окуп жаткан балдар эмне болот? Алардын кыргыз тилден көрсөткүчү начар болуп калса жогорку окуу жайларга окуй албай калабы?” деп жумурткадан кыр издеп чыккандар болду. Мен депутаттарга минтип жооп бердим: “Силер айтып жаткан улуттун балдары 11 жыл орто мектепте кыргыз тилди бюджеттин эсебинен бекер окушат. Эмне үчүн алар мектепти бүтүп жатканда кыргыз тилден экзамен тапшыра алышпайт? Кыргыз тили башка предметтер сыяктуу эле бааланыш керек. Президент тил мыйзамына кол койгон болсо, анда урматтуу Догдургүл Кендирбаева, сиздин “кыргыз тилинен тапшырылган тест ЖРТнын жалпы жыйынтыгына таасир этпейт” деп айтканга кандай акыңыз бар? Мыйзамдын кайсы беренесинде ушинтип жазылып турат? Сиз бул нерсени кайдан алдыңыз? Мыйзамда мындай нерсе жок” деп каршы чыктым. Мен Догдургүл Кендирбаеваны сотко бердим. Маселе татаалдашып барып оңуна чечилди. Спикер Нурланбек Шакиев, башка депутаттар сессиянын жалпы жыйынында Кендирбаеванын мыйзамсыз буйругун четке кагып, тил мыйзамын эч кыйшаюусуз аткарыш керек деген чечимге келишти.

**- Каныбек Осмоналиевич, мамлекеттик ишканамекемелер тил мыйзамын кандай аткарып жатат?**

- Абдан начар аткарып жатат. Кээ бир министрлер иш кагаздарын 30 пайыздан өйдө көтөрө албай убара. УТРК биздин демилгебиз менен “Тил комиссиясы текшерет” деген жаңы долбоорду баштады. Жакында Биринчи Май районунун салык инспекциясын текшердик. Алардын мамлекеттик тилде жүргүзгөн иш кагаздары 7-8 эле пайыз экен. Коргоо министрлиги – 22, Юстиция министрлиги – 25, Социалдык фонд – 26, Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик – 33, Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги – 32, Экономика жана коммерция министрлиги – 33, Саламаттык сактоо министрлиги – 33, Улуттук банк – 33 пайызды түзөт. Жалпы ишканамекемелердин жарымынан көбү иш кагаздарын 50 пайызга чейин гана жүргүзүшөт. Мыйзам күчүнө киргенден кийинки абал ушундай. Менимче, тил мыйзамын аткарбаган 1-2 жетекчини, министрди иштен алыш керек. Ошондо калгандарына сабак болот. Булар дагы эле баягы жедеп көнүп калган эски адатына салып, эптеп убакытты созуп, унуткарып кетебиз деп жатышат. Мындан кийин андай болбойт.

**- Тил маселесине келгенде Президент Садыр Жапаров принципиалдуу, бекем позицияны сактап келе жатат.**

- Албетте. Президент өткөн жылдын 17-июлунда Конституциялык тил мыйзамына кол койгон. Ошондон көп узабай эле Орусиянын тышкы иштер министри Сергей Лавров “Өкүнүчкө карай, биздин кыргызстандык достор демократиянын жолу менен эмес, башка жолго салып кетишти. Биздин эскертип айтканыбызга карабастан тил мыйзамын кабыл алышты” деп чабуул жасаган. Ошондо Президент Садыр Жапаров “Кабар” агенттиги аркылуу: “Биз суверендүү мамлекетпиз. Өзүбүздүн эне тилибизди өнүктүрөлү деп жатабыз. Сиз мыйзамды толук окубапсыз” деп Лавровго чагылгандай тез жана түз жооп берген.

**- Жасалма интеллект тууралуу айтсаңыз?**

- Жасалма интеллектти бүгүнкү заманбап технология деп айтсак болот. Адам өзүнүн мээсинин жетишкендигин жасалма акыл менен ишке ашырууга бел байлап жатат. Ошол үчүн биз ага мүмкүн болушунча көбүрөөк тилдерди киргизүүгө аракет көрүүдөбүз. Орустар Яндекс аркылуу Алиса деген жасалма интеллектти даярдашты. Биз деле “Акылай” деп ат коюп алып, ишке ашырсак болот. Бул мамлекеттик программага кирген. Бирок, бул багытта эч нерсе жасалган эмес экен. Мен физик эмесминби, келгенде эле жасалма интеллектке кызыгып, азыр үндү текстке, текстти үнгө айландырууну жасап койдук. Өткөндө январь айында кыргыз радиосунда жасалма интеллект адамдын ордуна жаңылыктарды окуду. Биз муну мындан ары да өркүндөтөлү деп жатабыз.

**Каныбек Осмоналиевич иш бөлмөсүндө олтуруп “Алиса, бүгүн Бишкекте аба-ырайы кандай?” деп суроо берди эле, Алиса “Азыр Бишкекте 7 градус суук, кар жаап жатат, кар кечке барып токтойт” деп жооп бере салды.**

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

МЫЙЗАМ БААРЫНА БИРДЕЙ
www.erkin-too.kg

# ЭЛҮҮ МИҢ ДОЛЛАР ЭМНЕНИН БЕТИН АЧТЫ?



Интернет булактарындагы социалдык түйүндөрдө расмий бийликтин активдүү колдоочусу деп таанылган адамдын алдамчылыкка шектелип кармалышы бийликчил жарандык активисттердин жоопкерчилиги жөнүндө маселени коомчулуктун назарына кутүүсүз алып чыкты.

ИИМдин Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук ички иштер башкармалыгы тарабынан алдамчылыкка шектелип кармалган 32 жаштагы жаран **Бекзат Өмүрбеков** экени айтылууда. Ага Кылмыш-жаза кодексинин 209-беренесинин (алдамчылык) негизинде кылмыш иши козголуп, убакытылуу кармоочу жайга киргизилген. Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук соту анын бөгөт чарасын 3-мартта карап, 1-майга чейин камакка калтыруу чечимин чыгарганы айтылууда.

Интернет колдонуучулар шектүү Бекзат Өмүрбеков экенин белгилешкени менен милиция расмий тастыктаган да, четке каккан да жок. ИИМ тараткан маалыматта шектүүлөр эки киши экени айтылган. Экинчи адам жөнүндө так маалымат бериле элек. Иштин баштапкы версиясына ылайык, алар жергиликтүү тургундардын бирине мамлекеттик жетекчилик кызматка ишке орноштурууга убада берип, 50 миң АКШ доллар акча алган деген сөз коомчулукка тарап кетти. Милициянын билдирүүсүндө шектүүлөр өздөрүн "мамлекеттин жетекчилиги менен байланышы бар" деп тааныштырганы белгиленет. Жабырлануучу арызды 2023-жылдын 21-июнунда жазган. Бирок эмнегедир жарым жылдан ашуун убакыт аралыгында арыз каралган эмес. Юрист **Замир Жоошев** ушунча убакыт шектүүлөрдүн кармалбай жүрүшү түшүнүксүз суроо жаратып жатканын баса белгилейт. Ал "шектүүлөр милицияны да бийликтин жогорку эшелону менен байланышым бар деп коркутуп келди бекен, же милиция сегиз ай бою эч кандай чара көргөн эмеспи?.." деген суроолуу пикирин Фейсбук баракчасына жазып чыкты.

Интернет булактарындагы социалдык тармактарда Бекзат Өмүрбеков расмий бийликтин жигердүү колдоочусу катары таанымал экени айтылып жүрөт. Айымдар аны "бийлик өкүлдөрүнө сын-пикир айткандардын аёосуз каралоочусу..." деп да сыпатташат. Маселен, Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты **Орозайым Нарматова** анын жок жерден каралоосуна кабылганын, андан моралдык жабыркоого туш болгонун белгилеп, дүйшөмбү күнү милицияга арыз жазып кайрыларын айткан. Албетте бул окуя өзүн бийликчил эсептеп, маалымат тараткан көптөгөн жарандык активисттерге сабак болушу кажет. Мындан расмий бийлик жарандарды бир тараптуу каралоодон алыс экени, мыйзам баарына бирдей экени жөнүндө аз да болсо калыс пикир жаралары талашсыз. Анткени, мындай пикирлер бул окуядан кийин эл арасында арбын айтыла баштады. Бекзат Өмүрбеков жөнүндө КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов, "жакындыгына карабай күнөөлүү болсо жазасын тартсын. Мурдагы жетишкендиктерине карабастан, эч ким кол тийбес эмес деген саясат жүрүп жатат..." деп билдирүү таратты Фейсбуктагы расмий баракчасы аркылуу.

**Бахпурбек АЛЕНОВ**

## 1 млн 600 миң гүл отургузулат



Кычыраган кыш мезгили соңуна чыгып, жаздын келиши менен жаратылыш жанданып, көк чыгып, айлана жашылга бөлөнө турган убакыт келди. Ал эми башкы шаарыбызды көрккө бөлөп, гүл отургузуу иштерин колго алган адистер аракеттерин февралдын башында башташкан.

«Бишкекжашылкурулуш» муниципалдык ишканасынын эки күнөсканасына бир жылдык гүлдөрдүн 20дан ашык түрүнүн үрөнү себилген. Апрель айында шаардын ичи 1 миллиондон ашык бир жылдык гүлдөр менен коозделот.

Белгилей кетсек, өткөн жылы ишкананын аймагында аянты 400 м², бийиктиги 4 метр болгон корейлык технология менен жаңы күнөскана курулган. Ал жылытуу жана желдетүү системасы менен жабдылган.

## Ирригациядагы иштер

Өлкөдө ирригациялык курулмаларды курууга, атайын техникаларды сатып алууга, каналдарды бетондоо иштерине 2022-жылдан 2024-жылга чейин 6 жарым миллиондон ашык каражат бөлүнгөн. Бул тууралуу Финансы министрлиги кабарлады.

Аталган каражаттардын эсебинен 2746 гидротехникалык курулма жана 315 даана насостук станциялар оңдолгон. Аны менен катар Баткендеги Ак-Суу айыл аймагынын Бакай участкасынын тургундарын сугат суу менен камсыз кылуу максатында жаңы насостук станция ишке киргизилди. Ошондой эле Кадамжай районунун Р-1 дүкеринин курулуш иштери жана Чоң-Алай районунун Шибе-Жекенди каналынын курулушунун биринчи этабы аяктаган.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

**КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы – КР Президентинин Администрациясынын жетекчиси А.ЖАПАРОВго, "Эркин-Тоо" гезитинин башкы редактору Н.АСАНБАЕВге**

**КАЙРЫЛУУ**

**ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ**

Мамлекеттик кызматта эң негизги принцип, милдет, талап - мамлекетке, коомго, жаранга зыян кылба, мыйзамдуулук, тартип, жоопкерчилик!

**Кээ бир мамлекеттик органдын "иштермандыгынан" келип чыккан Социалдык фонддун "аргасыз саясатыбы", же эмне үчүн Кара-Көл шаарынын жарандарынын 1996-жылдан бери жеңилдетилген шартта пенсияга чыгуу укуктары чектелген?**

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамынын (1997-жыл 21-июль №57) негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 1996-жылдын 11-декабрындагы №579-1 токтому менен бекитилген Алыскы жана барууга кыйын аймактарда жайгашкан калктуу конуштардын тизмесине ылайык жарандар жеңилдетилген шарттарда пенсияга чыгууга укуктуу жана аталган токтомдун тизмесине **Кара-Көл** дегендин ордуна **Кара-Кель** деп жазылып калгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фонду **28 жылдан бери Кара-Кель** деген гана фактыга таянып, **Кара-Көл** шаарындагы бир дагы жаран жеңилдетилген эмгек стажы менен пенсия албай келишет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 1996-жылдын 11-декабрындагы №579-1 токтому менен бекитилген тизмеге ушул убакытка чейин бир нече жолу толуктоолор киргизилсе да **Кара-Кель** деген **Кара-Көл** деп өзгөртүлбөгөнү аз келгенсип, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-февралындагы №60-т тескемесине ылайык Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу, алыскы жана барууга кыйын шарттарда жайгашкан калктуу конуштардын тизмегин инвентаризациялоо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын *"иштермандыгынанбы, же башка да себеби барбы?"*, айтор Кара-Көл шаарынын жарандарына жеңилдетилген эмгек стажы менен пенсия төлөнбөгөнү чектен чыккан жоопкерчиликсиз "кайдыгерлик саясатпы" деген да ой кетет!

**Эмне үчүн жана ошол эле маалда:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы "Алыскы жана барууга кыйын аймактарда жашаган жана иштеген жарандарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү" жөнүндө №377 токтомунун негизинде географиялык аталышындагы тизмесинде **Кара-Көл** эмес, **Кара-Кель** деп жазылганына карабастан **Кара-Көл шаары алыскы жана барууга кыйын аймактардын тизмегине киргендиктен** Кара-Көл шаарында эмгектенген бардык жарандардын айлык акыларына коюлган тиешелүү коэффициенттерге ылайык тиешелүү эмгек стаждары коюлуп, кошумча төлөмдөр төлөнүп, андан чыккан суммадан Социалдык фондго каражаттар **1997-жылдан бери чегерилип келет да**, жарандардын жеңилдетилген пенсиясын төлөөдө бул каражаттардын эч кандай тиешеси жок болгондугу акылга сыйбаган карама-каршылык экендиги айдан ачык көрүнүп турат.

Аталган маселе боюнча менин Кара-Көл шаардык Социалдык фондуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Жогорку Кеңешине, Юстиция министрлигине, укук коргоо органы - прокуратурага чейин кайрылууларыма Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фондунун жоорудa белгиленген **Кара-Көл** эмес, **Кара-Кель** деп жазылганына, аны өзгөртүү зарыл экендигине басым жасалып ишке ашпай, **жада калса бул маселени чечүү боюнча** Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары М.Т.Акматов тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына 2023-жылдын 5-декабрында жолдонгон №01-01/5918 чыгыш сандуу кайрылуу каттын **жообуна үмүттөнсөк**, үч айдан бери анын да жообу берилбегендиги түшүнүксүз.

Жогорукулардын негизинде бул өтө маанилүү, көйгөйлүү, орчундуу маселе 1996-жылдан бери гидроэлектростанцияларды курууга, иштетүүгө бүт өмүрүн арнаган канчалаган адамдар жеңилдетилген эмгек стажы менен пенсия алышпаган, анын ичинде канчасы жетпеген стажына аргасыздан өз жанынан төлөп кайра ал акчаларын пенсия катары алышкан, канчасы өзгөчө шарттагы эмгек стажы боюнча жеңилдик пенсия алган эмес, канчасы албай бул өмүрдөн өтүп кеткен жалпы Кара-Көл шаарында жашап иштеген жарандарына тиешелүү болуп, алардын Конституциялык укуктары корголбой жаткандыгына байланыштуу:

**Урматтуу Наралы Камбаралиевич!**

Ушул кайрылуумду гезитиңиздерге жарыялап берсеңиздер, **Урматтуу Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаров, Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.Ү.Жапаров** тиешелүү мамлекеттик органдын "иштермандыгына" баа берип, жогоруда белгиленген Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу, алыскы жана барууга кыйын шарттарда жайгашкан калктуу конуштардын тизмегин инвентаризациялоо боюнча ведомстволор аралык комиссиясынын ишин жандантып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын 1996-жылдын 11-декабрындагы №579-1 токтомунун алыскы жана барууга кыйын аймактарда жайгашкан калктуу конуштардын тизмесиндеги **Кара-Кель** дегендин ордуна **Кара-Көл шаары** деп, аталган токтомго толуктоо киргизүү маселесин мыйзам чегинде ыкчам чечип беришсе, Кара-Көл шаарынын жарандарынын жеңилдетилген шартта пенсияга чыгуу укуктары **"дагы 28 жыл чектелбей"**, Конституциялык укуктары корголуп, жеңилдетилген шартта пенсия алып калышса деген үзүлбөгөн үмүттөбүз.

***Жапар ОСМОНКУЛОВ***
**Жалал-Абад облусунун Кара-Көл шаарынын Бекташ көчөсүндөгү №20 үйдүн 2-батиринин тургуну**
**(0773) 40-11-01, (0559) 40-11-01**
**04.03.2024**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

БӨЛҮНҮП-
ЖАРЫЛБАЙЛЫ...
www.erkin-too.kg

# Сырткы азгырыктарга ишенип, эл ичине жик салып албайлы

Геосаясий алкактагы тирештерден улам дүйнөлүк державалардын басымы күчөгөн учурда жашап жатабыз. Ага катар ар кайсы маданияттын, диндердин идеологиялык күрөшү жүрүүдө. Отуз жылдан бери арабызга үрөнүн сээп, үзүрүн көрө баштагандары бар. Ошол сырттан таңууланып, бизди ичибизден иритип жаткан иштерге азыр өзгөчө көңүл бөлүү зарыл. Мамлекет муну көз жаздымда калтырбашы шарт.



Учурда сырткы күчтөр бизде саясий жана идеологиялык багытта кызуу иш алып барып жатканын эч кимден жашыра албайбыз. Бир-бирден кертип, идеологиялык жактан бөлүп-жаруу иштерин жүргүзүүдө. Аны биздеги бейөкмөт уюмдары, көз карандысыз делген ар кайсы журналисттик топтор, ар кайсы агымдарга сугарылган диний миссионерлер аркылуу ишке ашырышууда.

Алар кыргыз коомун ар кандай ыкмалар менен жиктелүүсүнө чыйыр салып, ыңгайы келген жерден бийликти жек көрсөтүүгө, туруктуулукту бузууга, тирешкен топтордун ортосунда чоң ажырымды, бир-бирине ишенбөөчүлүктү пайда кылууга аракеттенишүүдө. Бул иш-аракеттер акыркы жылдары баарына айдан ачык эле байкалып калды. Өткөн жылдар аралыгында "өздөн чыккан жаттар" өтө көбөйүптүр.

Ушуга байланыштуу "чет элдик өкүл" мыйзамынын актуалдуулугу жогорулады. Мамлекеттин келечеги үчүн бул бизге керек окшойт. Анткени, биздин Юстиция министрлигинде коммерциялык эмес уюмдан 30 миңдей катталыптыр. Ошолордун 30у эле саясий жана идеологиялык багытта иш жүргүзсө, далай мекендештердин аң-сезимин буруп коёт. Анткени, алар аркылуу миллиондогон каражаттар келет.

Албетте, илим жана маданият, саламаттыкты сактоо, жарандарды социалдык колдоо, энеликти жана балалыкты коргоо жана кайрымдуулук иштери менен алектенгендер бар, аларга эч кандай доомат жок. Арасында саясатка аралашып, мамлекетке жана элге карама-каршы иштерди жүргүзүп, саясий акцияларды уюштургандар жана каржылагандар жүрөт, ошолорду көзөмөлдөө зарыл.

Өздөрүнүн идеологиясын жүргүзүүнү максат кылган сырткы күчтөр чоң акчалары менен бейөкмөт уюмдары аркылуу арабызга кирип, биздин кесипкөй, өзгөчө шыктуу, ишке жөндөмдүү уул-кыздарыбызды катарына тартышууда. Аларды бизде жана чет өлкөлөргө чыгарып окутуп, аң-сезимин, ой жүгүртүүсүн тез эле буруп коюшат экен. Идеологияга сугарган соң өз максаттарын ишке ашырып жатышат.

Белгилеп кетишибиз керек, сырткы топтордун жетеги астында саясий жана идеологиялык багытта иштеп жаткан жарандарыбыз өздөрүн бөтөн бирөөгө иштеп жатканын андабай калышууда. Сапырылган акчалардын алдында алардын куралы болуп калганын таптакыр билбейт. Өздөрүн Кыргызстандын патриоту катары таанып, элге каршы бийлик менен күрөшүп жаткан баатырдай сезишүүдө.

Демек, мамлекеттик бийликтин үч бутагы жана Кыргызстандын атайын кызматы милдеттүү түрдө бул иштерге олуттуу чара көрүшү керек. Чет жактын атайын кызматтарынын ичтен иритүүчү долбоорлоруна каршы контрчабуулду улуттук коопсуздук кызматы жасашы шарт. Анткени, калайык-калктын колунан ЖМКдан какшап айткандан, социалдык түйүндөрдө жазгандан башка эр нерсе келбейт экен.

Мамлекеттин экономикасы канчалык алсыз болсо – сырткы күчтөргө ошончолук көз каранды болору баарына маалым. Ошондон улам тынымсыз жик салып жатышат. Аларга ким президент болгону маанилүү эмес, өздөрүнүн кишиси келмейинче каршы саясатты тынбай жүргүзө берет. Бейөкмөт уюмдары, эркин журналисттери аркылуу коомдогу социалдык көйгөйлөрдү көтөртүп, жек көрүүнү күчөтүшөт.

Маселен, төрөт үйүнө барып врачтардын акча алып жатканын, кадастрга барып кызыл китеп чечилбей жатканын, соттор жана милициялар паракорлукту токтотпой жатканын, кызматка дайындоолордо катачылыктарга жол берилип жатканын айта берсе элге жагат. Кайталай бергенде наразычылык көбөйөт да, аягы тополоң болот. Бул ыкма бардык бийликтин тушунда бирдей сценарийде кайталанган.

Айтор, азыр биз ойлоно турган жердебиз. Сырттагылардын акчасына азгырылып ар кимди ээрчий берүүнүн аягы жакшы бүтпөстүгүн баарыбыз билебиз. Башкалардын кызыкчылыгындагы бузуку идеяларга азгырылып, улуттун үңгүсуна доо кетирип албайлы.

## БИШКЕКТИН КУЛАЧЫ ЖАЙЫЛАТ

Административдик-аймактык реформанын алкагында Бишкектин айланасындагы айылдар борбор калаадагы азыркы төрт районго бириктирилет. Атап айтсак, Сокулук районунун Орок жана Новопавловка айыл аймактары Бишкектин Ленин районунун аймагына карайт. Ал эми Аламүдүн районунун Көк-Жар айыл аймагы, ушул эле райондун Таш-Дөбө айыл аймагынын Орто-Сай айылы, Кара-Жыгач айыл аймагынын "Анар-Бак" конушу жана №544, №545, №552 контурлары Бишкектин Октябрь районуна кошулат. Ошондой эле Аламүдүн районунун Маевка, Пригород айыл аймактары, ушул эле райондун Ак-Дөбө айыл аймагынын "Алтын-Казык" конушу, Сокулук районунун Ат-Башы айыл аймагынын Ак-Жол айылынын №177 контуру Биринчи Май районуна кирет. Аламүдүн районунун Аламүдүн, Төмөнкү Ала-Арча, Лебединовка айыл аймактары, ушул эле районго караштуу Ленин айыл аймагынын Мыкан айылы жана "Ак-Жар", "Нуркожо-Ата" жана "Адилет" конуштары Бишкектин Свердлов районуна кошулат.

## СЫНАККА ЖАҢЫ ЭРЕЖЕ

Кыргызстанда мындан ары мектеп директорлугуна сынак жаңы эреже менен өтөрүн Билим берүү жана илим министрлигинен маалымдады. Жаңы эрежеге ылайык, директордун бош кызмат ордуна 7 жылдан кем эмес үзгүлтүксүз педагогикалык тажрыйбасы бар жарандар катыша алат. Ошол жети жылдын эки жылы ал адам директор же анын орун басары (окуу бөлүмүнүн башчысы) катары иштеген болушу керек. Буга чейин директорлукка катышуучу талапкердин жаш курагын 65 жашка чейин болушу керек деген чектөө болгон, ал алынды. Ошол эле маалда бир эле адам мектепти 5 жылдык мөөнөт менен эки жолудан ашык (10 жыл) башкара албайт. Сынакка соттолгон адам катыша албайт. Эң жакшы натыйжага ээ болгон жеңүүчү менен эмгек келишими түзүлгөндөн мурда ага сыноо мөөнөтү берилет. Сынакта документтердин экспертизасы жана компьютердик тест болот жана ал 80 суроодон турат. Белгилей кетсек, азыркы тапта өлкөдөгү 375 мектептин директорлору милдетин убактылуу аткарууда.

## КӨК БӨРҮЧҮЛӨР КАМСЫЗДАНДЫРУУ ПОЛИСИН АЛАТ



Көк бөрү федерациясынын вице-президенти Нурлан Максүтов көк бөрүчүлөр оюн маалындагы ар кандай кырсыктардан ден соолугун жана өмүрүн камсыздандыра баштаганын билдирди. Анын айтымына караганда, камсыздандырылган оюнчу мелдеш учурунда жаракат алса ага акча төлөнүп берилет. Мындан ары полис албагандар мелдештерге катыша албайт. Көк бөрүчүлөр үчүн полистин эң төмөн баасы 2800 сом, ал эми камсыздандыруу төлөмүнүн суммасы 200 миң сомго чейин жетет. Бул абдан туура иш экенин белгилеп коюшубуз керек. Буга чейин улакчылар көк бөрү оюну маалында катуу жаракат менен ооруканага түшүп, айрымдары майып болуп калган учурлар катталган.

## КЫРГЫЗДАРГА ТИЕШЕЛҮҮ АРХИВДИК ДОКУМЕНТТЕР АЛЫНДЫ

"Мурас" фондунун төрагасы, тарыхчы Кыяс Молдокасымов президенттик фонд бөлгөн каражатка кыргыздарга тиешелүү 3,5 миңдей документ же 35 миң беттей барактагы архивдик материалдар сатып алынганын билдирди. "Беш жылдан берки аракетибиздин дагы бир ийгилиги манжу тилиндеги архивдик документтин бардыгы Президент тарабынан "Мурас" фондуна бөлүнгөн акча каражатына сатылып алынды. Архивдик документтердин бардык көчүрмөсү 283 томго топтолгон. Бул томдуктардын ичинде кыргыздарга тиешелүү 3,5 миңдей документ же болбосо 35 миң беттей баракта ар кандай маалыматтар бар", - деп жазган тарыхчы алдыда эски ханзу, монгол тилинде өз доорунда жазылган кыргыздарга тиешелүү дагы 70 миң беттей архивдик документтер бар экенин, алардын көчүрмөсү да өз кезегинде сатып алынарын айтты. Эске салсак, 2023-жылы март айында Кытайдан табылган архивдик документтерди которуу үчүн "Мурас" фондуна президенттик фонддон 13 млн сом бөлүнгөн.

## БИЛЬЯРД БОЮНЧА ДҮЙНӨ ЧЕМПИОНАТЫ ЖЫЙЫНТЫКТАЛДЫ



Бишкекте бильярддын "айкалыш пирамида" түрү боюнча чоңдор арасында (эркектер жана кыз-келиндер) дүйнө чемпионаты жыйынтыкталды. Дене тарбия жана спорт департаментинен билдиришкендей, жабылуу аземи "Газпромбалдарга" дене тарбия жана ден соолукту чыңдоо комплексинде болуп өттү. Ага аталган департаменттин директору Айбек Абдымомунов, Бишкек шаарынын вице-мэри Виктория Мозгачева, спортчулар жана күйөрмандар катышты. Эркектер арасында 1-орунду - Никита Володин (Орусия), 2-орунду - Ернар Чимбаев (Казакстан), 3-орунду - Жанибек Казыбеков (Казакстан) жана 4-орунду - Дастан Лепшаков (Кыргызстан) багындырды. Кыз-келиндер арасында алдыңкы төрт орунду россиялык спортчулар ээледи, алар Диана Миронова, Лилия Панова, Марианна Ларченко жана Дарья Михайлова.

**Бетти даярдаган Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

АДИЛЕТТИК ИЗДЕП...

www.erkin-too.kg

# ТАЛАШТАГЫ ҮЙДҮН ЭСКЕ АЛЫНБАГАН МАСЕЛЕЛЕРИ, же сунуштаманы берген прокурорлордун мыйзам бузуулары



## ЖААНДАН КОРГООЧУ ЧАТЫРЛАРДЫН ЧЫРЫ

“Ак Кеме” турак жай комплекси **бириктирилген жана улай салынган** 3-кабаттуу, 5-кабаттуу, 7-кабаттуу өз алдынча курулган 7 үйдөн жана 9 подъездден турат, ал бир бүтүндүккө бириктирилип кеменин элесин чагылдырат. Ар бир блок-үй өзүнчө сейсмикалык бириктирме менен башка үйдөн ажыратылган, ошондуктан алардын ортолорунда 5-10 сантиметрлик кобулдар бар. “Ак Кеменин” чыгыш тараптагы бөлүгүнө “С.Ибраимов көчөсү №108 үйү”, ал эми түндүк жактагы бөлүгүнө “С.Ибраимов көчөсү №108а үйү” деген почтолук даректер ыйгарылган.

“Ак Кеме” долбоорунун авторлорунун бири С.А.Султановдун айтымында, “финансылык каражаттарды үнөмдөө жөнүндө борбор калаабыздын жетекчилигинин чечиминин негизинде” ушул үйдүн төбөсү спорт аянтчасына, эс алууга, көңүл ачууга, дагы башкаларга пайдаланылбай тургандай кылынып жана аралаш жеңил конструкцияларды салууга ылайыкталып курулган. Комплекстин жалпак төбөсү суу өткөрбөөчү материалдар менен жабылган. Мындай жапмалар (кровелдер) ар бир 10-15 жылда оңдоо жумуштарын жүргүзүүнү талап кылат.

Пайдаланылып келатканына 39 жыл болгон ушул турак жай комплексинин көп кабаттуу үйлөрүнүн төбөлөрүнөн (кровелдеринен) 2010-жылдан тартып жаан суулары квартиралардын ичине агып кирип, тургундарды чыгымдарга кириптер кылган. Жаан сууларынан батирлерди коргоо түйшүгү үстүңкү кабатта жашаган тургундардын моюнуна жүктөлүп калды. Ушундан улам 5-кабаттагы **№99-100 батирдин ээси** 2023-жылы тамдын төбөсүндөгү **жапманы (кровелди)** өзүнүн каражатына оңдотуп, жаан суусунун батирге кирүүсүн токтоткон. Бир нечелеген тургундар 3 подъезддин төбөсүнүн жапмаларын (кровелди) жантайган, жөнөкөй чатырлар менен өз акчаларына жабууга мажбур болушту. Үстүңкү кабатта жашаган дагы 9 тургун талап кылынган 30га жакын ар түрдүү документтерди жол-жоболоштурушуп, топтошуп, ыңгайлуулуктары бар жеңил конструкциядагы жайларды курууга уруксат берген документтерди алышты. Ошолордун негизинде жаан суусунан коргой турган чатырлары бар, жеңил конструкциядагы 8 кошумча жайды тургундар өз каражаттарына кура баштады. 7 кабаттуу үйдүн биринчи подъездинин төбөсүндөгү 9-кошумча жайды курууга Ж.А.Кадралиевдин уруксат документтери бар, бирок жеңил конструкциядагы чатырлуу курулушту ал баштай элек.

2020-жылдын 15 жана 29-апрелинде жааган жаандын суулары 6-подъезддин жапмасынан (кровелинен) тамчылап агып кирип, №85, №84, №81 батирлерди каптап кетет. Аялуу буюмдарды суу тийбегендей кылып сактоо, тамчылаган жерлерге чака, чөмүч, чайнек коюу, жаан сууларынын кесепеттерин азайтуу аракеттери кызуу жүрүп жаткан 3-кабаттагы Б.Шадыкановдун №85 батирине “Ак Кеме” турак жай комплексинин Турак жай ээлеринин шериктигинин (мындан ары – ТЭШ) төрайымы Чынара Сатыбекова, жоон топ адамдар кирип келишип, “сууну каптаттың” дешип аны негизсиз күнөөлөшөт. Батирдеги крандардан суулар акпагандыгын, асмандан жааган жаандын суулары жапмадан (кровелден) агып кирип жатканын Б.Шадыканов аларга көрсөтөт. Ошого карабастан “акты түзөбүз, келтирилген чыгымдарды төлөйсүң” – дешип, келгендер коркутушуп, жаңжал чыгарышат. Жапманын (кровелдин) абалын текшерүү жөнүндө ТЭШтин кабарын бербестен кирип келген кишилердин чырын токтотуу үчүн батирдин ээси милиция чакырууга, акты түзүүгө аргасыз болгон.

Жаан сууларынан батирлерди коргоо маселеси абдан курч көйгөйгө айланып, тургундар жапырт кыйналып турганда, 3 кабаттуу үйдөгү 6-подъездди жаандан коргой турган жеңил конструкциянын курулушун токтотуу, буздуруу багытындагы чабуулдарды ТЭШтин төрайымы ушул окуядан кийин баштады.

Свердлов райондук сотунун 2021-жылдын 26-ноябрындагы чечиминде, Бишкек шаардык сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 22-февралындагы жана 2022-жылдын 20-июлундагы чечимдеринде, КР Жогорку Сотунун 2022-жылдын 17-майындагы токтомунда “№108 үйдүн 6-подъездинин үстүнө өзүмбилемдик менен курулган курулушту бузуу жолу менен **жалпы үлүштүк мүлктүн пайдаланылышына** тоскоолдук кылууну чектетүү тууралуу талап-доону Н.В.Парфенова, Ж.К.Такырбашева, ТЭШтин төрайымы Ч. Сатыбекова бергендиги баса белгиленет. Алардын арызында жазылган “жалпы үлүштүк мүлк” деген түшүнүк же талаштын предмети 6-подъезддеги 3 кабаттуу үйдүн төбөсүндөгү жапма (кровел) курулган курулуш аянты болуп саналат. Ал эми “жалпы үлүштүк мүлктүн пайдаланылышына тоскоолдук кылууну четтетүү жөнүндөгү” алардын талабы жаандардын сууларынан подъездди коргогон, ошол аянтка курулган, чатыры бар, жыгачтан жасалган жеңил конструкцияны бузуу керек деген маанини билдирет.

Жогоруда аталган доогерлердин талаптары канааттандырылса, жаан сууларынан коргогон жеңил конструкция бузулса, талаштын предмети доогерлерге берилсе, жапма (кровел) курулган курулуш аянтын ТЭШ кантип пайдаланат? – деген маселе жаралат. Ушул талаштын предмети болгон үйдүн төбөсүнө 5, 7 кабаттуу үйлөрдөн чыгуучу жол жок. Ч. Сатыбекова, Н.В.Парфенова аталган ушул обьектини пайдалануу үчүн 7 кабаттуу жана 5 кабаттуу үйлөрдүн төбөсүнөн 6-подъезд жайгашкан 3 кабаттуу үйгө секирип түшүшөбү? Анткени 3, 5, 7 кабаттуу үйлөр жогору жакта айтылгандай өзүнчө курулган үйлөр болуп саналат, алардын үстүңкү жапмасына (кровелине) тиешелүү кабаттуу үйлөр аркылуу гана чыгууга болот.

Жалпы үлүштүк мүлктү же так айтканда жапма (кровел) курулган курулуш аянтын ТЭШтин мүчөлөрүнүн биргелешип пайдаланышы жөнүндөгү доо-арызда айтылган сөз сандыраган кеп болуп саналат. Анткени “жапма (кровел) курулган курулуш аянтын пайдаланууга болбойт, бирок аралаш (жеңил конструкциялар) пайдаланылса болот”, деп көрсөтүлгөн “Ак Кеме” курулуш комплексин куруунун архитектуралык пландоосунун шарттарында.

“ТЭШ мүчөлөрүнүн 100% макулдугун Б.Шадыкановдун алуу керектиги жөнүндө” жогоруда көрсөтүлгөн соттордун чечимдеринде белгиленген Ч.Сатыбекованын талабы арзууга татыбайт. “Көп батирлүү үйлөрдүн турак жана турак эмес жайларынын менчик ээлеринин шериктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында мындай жобо каралган эмес. Ушул аталган Мыйзамдын 14-1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык турак жай менчик ээлеринин шериктигинин мүчөлөрүнүн же өкүлдөрүнүн 50 пайыздан ашыгы катышса, чогулуш чечим кабыл алууга укуктуу болуп саналат, катышкандардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечим кабыл алынат. Б.Шадыканов жашаган 3 кабаттуу үй “Ак Кеме” комплексине бириктирилген өз алдынча үй болуп саналат, жаандан үйдүн төбөсүн коргоочу жеңил конструкцияны курууга макулдук берүү жөнүндө 6-подъезддин тургундарынын чечими толук мыйзам ченемдүү.

Тиешелүү документтерсиз эле өзүмбилемдик менен жеңил конструкциядагы курулушту Б.Шадыкановдун куруп жатышы тууралуу айыптоолор куру сөз экени, бардык мыйзамдуу документтер анда бар экендиги Свердлов райондук сотунда толук аныкталды.

Жогоруда келтирилген жүйөлөрдүн негизинде Свердлов райондук соту 2023-жылдын 3-мартындагы чечиминде арыз жазгандардын доо-талаптарын канааттандырган жок.

## ПРОКУРОРЛОР МЫЙЗАМДЫ КАНТИП БУЗУШТУ?

Бегалы Шадыкановдун үйдөн кууп чыккандыгына катуу ыза болуп калган ТЭШтин төрайымы Ч.Сатыбекова жардам сурап арыз менен Бишкек шаардык прокуратурасына кайрылат. Бишкек шаарынын **прокурорунун орун басары А.Каримовдун** коррупцияга шектелген сунуштамасы 2021-жылдын 3-июлунда 11/8-0-55-21 кат менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш, турак жай-коммуналдык чарбасы мамагенттигине (мындан ары – Мамкурулуш агенттиги) жөнөтүлгөн. Ушул сунуштамада Мамэкспертизалар департаментинин 2020-жылдын 5-февралындагы №ГЭ-СА-39/2016 корутундусун жокко чыгаруу жолу менен Мыйзам бузууларды четтетүү чарасын создуктурбай көрүү көрсөтмөсү Мамкурулуш агенттигине берилген. Аны Мамкурулуш агенттиги 2021-жылдын 3-сентябрында карайт. Ага бөлүмдүн улук прокурору Н.Н.Муратов катышат. Жыйында Бишкек шаардык прокуратурасынын прокурордук мамилени көрсөтүүчү сунуштамасынын негизинде “Б.Шадыкановго берилген бардык уруксат берүүчү документтер жокко чыгарылган” (Бул Бишкек прокуратурасынын Б.Шадыкановго жазган 2023-жылдын 23-январындагы №23/151-00-04-11/27-23-00078 катында жазылган).

Бишкек шаарынын прокурорунун орун басары А.Каримовдун коррупцияга шектелген сунуштамасынын кесепетинен Бишкек шаардык сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 22-февралындагы жана 2022-жылдын 20-июлундагы чечимдери, КР Жогорку Сотунун 2022-жылдын 17-майындагы токтому кабыл алынып, көп батирлүү үйдүн төбөсүндөгү чатырлуу жеңил конструкцияны Б.Шадыкановдун эсебинен бузуу бүтүмү чыгарылган жана төмөнкүдөй бир катар мыйзамдык жоболор бузулган:

1. “Турак жай мүлктөрүнүн ээлеринин (150 менчик ээсинин) макулдугу жок эле Бишкек башкы архитектурасы архитектуралык пландоонун шарттарын иштеп чыккан жана Б.Шадыкановго берген” – деген, Бишкек шаардык прокурорунун орун басарынын сунуштамасындагы **аныктама**, Бегалыга берилген бардык уруксат берүүчү документтерди жокко чыгаруунун жалгыз негизи жана жалгыз далили болуп саналат. Мындан башка себептер көрсөтүлгөн эмес. Биз жогоруда, “Көп батирлүү үйлөрдүн турак жана турак эмес жайларынын менчик ээлеринин шериктери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-1-беренесинин 1-бөлүгүндөгү жобону келтиргенбиз. Эми турак жай чөйрөсүн жөнгө салуучу башка мыйзамдардагы жоболорго токтололу:

“Кыргыз Республикасынын турак-жай кодексинин 32-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жалпы мүлктү күтүү жана пайдалануу боюнча чечимдер турак жайлардын менчик ээлеринин жалпы чогулушунда, турак жайлардын менчик ээлеринин жалпы санынын көпчүлүк добуштары менен кабыл алынат. Бул жободо турак жай мүлктөрүнүн ээлеринин бардыгынын (150 менчик ээсинин) макулдугун алуу жөнүндө түшүнүк жок.

2. Биз жогоруда “Ак Кеме” турак жай комплекси **бириктирилген жана улай салынган** бир нечелеген кабаттардан, үйлөрдөн, подъезддерден турарын айткан элек. Эми аларды кайталабай, башка фактылар менен толуктайлы. Комплекстин №108 үйү 1984-жылы, ал эми 108а үйү 1985-жылы пайдаланууга берилген. Ушул эки үйдүн ар биринин өз-өзүнчө техпаспорту бар. 5 жана 7 кабаттуу башка үйлөргө бириктирилип жана уланып салынган, Б.Шадыканов жашаган 3 кабаттуу үйдөгү батирлердин ээлеринин укуктары жана милдеттери Турак-жай кодексинин 21-беренесинде каралат. Ушул берененин 3-бөлүгүндөгү жобого ылайык, бириктирилип жана улай салынган жайлардын менчик ээлери **көп батирлүү үйдүн жалпы мүлкүнүн менчик ээлери болуп саналышпайт.** Демек “Ак Кеме” турак жай комплексинин 5 жана 7 кабаттуу үйлөрүндө жашаган менчик ээлеринин 100% макулдугун алуу талабын коюуга ТЭШтин төрайымы **Ч.Сатыбекованын укугу жок.** Ал эми “Турак жай мүлктөрүнүн ээлеринин (150 менчик ээсинин) макулдугу жок эле Бишкек башкы архитектурасы архитектуралык пландоонун шарттарын иштеп чыккан жана Б.Шадыкановго берген” – деген аныктаманы Бишкек шаарынын **прокурорунун орун басары А.Каримовдун чыгарышы туура эмес жана негизи жок экендигин ушул 21-берененин 3-бөлүгүндөгү жобо тастыктап турат.** Анткени 5 кабаттуу үйдө жашаган менчик ээлеринин жалпы менчиги көп батирлүү башка үйлөрдүн жалпы менчиги болуп саналбайт.

Бишкек шаарынын прокурорунун орун басары А.Каримов менин далилдеримди, жүйөлөрүмдү, көрсөтмөлөрүмдү албай, мага жолукпай туруп, Ч.Сатыбекованын арызы чындык деген бир тараптуу ишенимдин негизинде сунуштаманы жазгандыктан ал Мыйзамдык жобого каршы келет, деп айтып жүрөт жабырлануучу Бегалы Шадыканов.

3. Ушул аталган Кодекстин 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктундагы жобого ылайык, “көп батирлүү үйдүн турак жана турак эмес жайларынын менчик ээлеринин жалпы мүлкүн башкаруу төмөнкүдөй жүзөгө ашырылат: 1) көп батирлүү үй төрттөн ашпаган батирди өзүнө камтыган учурларда жайлардын менчик ээлери тарабынан”. №108 үйдүн 5 кабаттуу үйүндө №81, 82, 83, 84-батирлер бар, алардын ээлери берген макулдук жогоруда көрсөтүлгөн жобого ылайык толук мыйзамдуу болуп саналат. Аны жараксыз деп табуу Мыйзамды бузууга алып келет.

4. “Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 57-беренесинин 3-бөлүгүндө: “Эгерде административдик актынын жокко чыгарылышы менчик ээсинин эркинен тышкары мүлкүн алып коюуга алып келиши мүмкүн болсо, административдик акт ушул административдик актыны кабыл алган же анын жогору турган органы тарабынан жокко чыгарылбайт. Бул учурда административдик акт сот тартибинде анык эмес деп таанылат”-деп жазылган. Ушул мыйзамдык жобону Мамкурулуш агенттиги одоно түрдө бузуп, турак жай ээси Б.Шадыкановдун бардык уруксат документтерин жокко чыгарды, ал эми соттор документтерди жокко чыгаруучу административдик актыларды анык эмес деп, тааныган жок.

Колдонуудагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 60-беренесинин 1-бөлүгүндө: “Адамдын жоопкерчилигин белгилөөчү же күчөтүүчү мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт. Жасалган учурга карата укук бузуу деп таанылбаган аракет үчүн эч ким жоопкерчиликке тартылбашы керек” деп көрсөтүлгөн. Ушул конституциялык Жобону бузуу аркылуу Бишкек шаардык сотунун жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2022-жылдын 22-февралындагы жана 2022-жылдын 20-июлундагы чечимдери 2 жыл мурда Б.Шадыканов курган жеңил конструкцияны бузууга карата кабыл алынган.

Ушул макалада келтирилген бузулган мыйзамдык жоболорду, жүйөлөрдү, далилдерди Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы эске алат жана Бишкек шаарынын прокурорунун орун басары А.Каримовдун сунуштамасын жокко чыгарат же чакырттырып алдырат деген ойдобуз. Ошонун негизинде Мамкурулуш агенттиги Б.Шадыкановдун уруксат берген бардык документтерин мурдагы калыбына келтирери шексиз, ошондо мыйзамды бузуулар четтетилет. Мыйзамдык жоболордун одоно бузулушуна жол берген, коррупцияга шектелген актыны (сунуштаманы) чыгарган прокуратура кызматкерлеринин аракеттерине туура юридикалык баа берилиши керек, учурдун өктөм талабы ушундай.

**Р.БАЙГУБАТОВ,**
**журналист**



Эне тилибиз – улуттун уңгусу, тарыхы, келечеги, көөнөрбөс мурасы. “Тил жоголсо, улут жоголот” демекчи улуттун учугун улап, тилин өнүктүрүп, өстүрүп, кастарлап келе жаткан тармактардын бири Кыргыз Республикасынын “Кыргызтест” мамлекеттик мекемеси. Эне тилибиздин абалы жана аталган мекеменин бул багытта жүргүзүп жаткан иштери тууралуу Кыргыз Республикасынын “Кыргызтест” мамлекеттик мекемесинин директору Батма Болоталиевна менен маектештик.

ЭНЕ ТИЛИБИЗ – КӨӨНӨРБӨС МУРАС

www.erkin-too.kg

Батма ТОПОЕВА-СТАВИНСКАЯ:

# “ТЕСТ СИСТЕМАСЫ КАЛЫПТАНБАСА, МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ МЫЙЗАМЫ КОНСТИТУЦИЯЛЫК ДЕҢГЭЭЛГЕ ЧЕЙИН КӨТӨРҮЛМӨК ЭМЕС”

**- Батма Болоталиевна, “Кыргызтест” мамлекеттик мекемесинин тарыхына кыскача токтоло кетсеңиз.**

– 2011-жылы Билим берүү министрлигинин алдындагы Улуттук тест жүргүзүү борборунун жетекчилиги Казакстанга иш сапары менен барып, казак тили боюнча билим деңгээлин баалоочу “Казтест” системасынын иши менен таанышкандан кийин “Кыргызтест” системасын иштеп чыгуу идеясы пайда болгон экен. 2012-жылдын март айында ошол кездеги директор Артур Бакиров “Кыргызтест” системасын иштеп чыгуу керек, бул иш сиздин колуңуздан келет деп чакырганынан, мен ошол тест жүргүзүү борборуна усулчу (методист) болуп кирип калдым. 2012-жылы толугу менен тилди билүү деңгээлин баалоочу системанын концепциясы менен иштедик. Ал убактагы Билим берүү жана илим министри Канат Садыковдун концепцияны иштеп чыгууга чоң салым кошконун айтпаса болбойт. 2013-жылдын 26-мартында “Кыргызтесттин” концепциясы бекитилди. Ошол эле жылдын аягында КР Президентинин Администрациясынан бул ишти алып кетүүгө жол ача турган финансылык каражаттар, тактап айтсак 2,5 млн сом бөлүнүп берилди.

2014-жылдан баштап "Кыргызтест" секторунун башчысы болуп дайындалып, аталган системанын мазмунун түзүү, ишти алып кетүү жоопкерчилиги толугу менен мага жүктөлдү. Тест системасын ишке киргизүү үчүн күнү-түнү иштөөгө туура келди. Жыл аягында Президент аппаратынын 13 кызматчысы эл аралык стандарттарга шайкеш иштелип чыккан мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо системасы менен таанышып кетишти. Ал эми 2015-жылы аталган тест алгач мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын арасында жайылтыла баштап, тестке 13 министрликтен 298 кызматкер катышты.

2016-жылы “Кыргызтест” системасы боюнча деңгээлдик тесттер билим берүү тармагына киргизилип, тааныштыруу иретинде бүтүрүүчү класстардын арасында жүргүзүлө баштады. Тесттин жүрүшүндө: “Тест тапшыра турганыбызды билгенде, жакшы окуп, мурдатан даярдана берет элек” – деп өкүнгөн окуучулар көп болду. Бирок, тилекке каршы, ошондон бери канча жыл өтсө да, билим берүүнүн сапаты жакшы жакка өзгөрүлө электиги 2019-жылы жүргүзүлгөн тесттен байкалды.

Мына, азыр 2024-жыл. Азыр В1 деңгээлинде тапшыргандар негизинен кыргыз тилдүү мектептерден эле чыкпаса, орус тилдүү мектептерден көбүнесе А1, А2 деңгээлин гана тастыкташат. Бул көрүнүш окуучулардын алоолонуп күйүп-жанып окуюн деген кызыгуулары болбой жатканынан кабар берет. Бизге тест тапшырганы келген айрым кызматкерлер да кыргыз тилин үйрөнүү кыйын болуп жаткандыгын, ал эми балдарынын кыргыз тили сабагына баргысы келбегенин, каалоолору такыр жоктугун айтып келишет.

Баарыбызга маалым болгондой, Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасында 2017-жылдан баштап мектеп окуучусу мектепти бүтүп жатканда мамлекеттик тилди В1 деңгээлинде билиши керек деп көрсөтүлгөн.

**– “Кыргызтест” системасы ишке киргенден бери мамлекеттик тилдин өнүгүүсүндө кандай өзгөрүүлөр болду?**

– Быйыл мамлекеттик тилдин расмий макамга ээ болгонуна 35 жыл болот. Ал эми система боюнча тесттер мындан 10 жыл мурда, 2014-жылы иштелип чыккан. “Кыргызтест” системасы түптөлгөнгө чейин: “Канткенде кыргыз тилди үйрөнүүгө зарылчылык жарата алабыз” - деп келишкен. Ал эми бүгүнкү күндөгү мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө таасир этүүчү негизги курал бул – “Кыргызтест” системасы. Система ишке киргенден баштап тилге болгон мамиле түп тамырынан бери өзгөрүлүп жатат. Бул тест билим берүү системасына да толук кирсе, окуучулар тест аркылуу тилди билүүнүн төрт көндүмү бирдей текшериле турганына ынанып, аракеттене башташат эле. Өткөн жылы өлкөбүздө эстен кеткис тарыхый окуя болду. Президентибиз Садыр Жапаров, тилчилерге чоң ишеним көрсөтүп, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” конституциялык Мыйзамды колдоп бергенин чоң ыраазычылык менен белгилейбиз. Өлкөбүздө ишенимге татыган тест системасы калыптанбаса, мамлекеттик тил мыйзамын конституциялык деңгээлге көтөрүү мүмкүн эмес болмок.

**– Орус тилдүү мектептерде жыйынтык жакшы эмес деп айттыңыз. Сиздин оюңузда жакшы жылыштар болуш үчүн кандай иштерди жасаш керек?**

– Өзүм 20 жылга жакын мектепте иштедим. Анда кандай маселелер бар экенин жакшы билем. Биринчиден, окутуу китептеринин мазмунун карап чыгыш керек. Окуу китептердин негизинде окутууда, текстти көчүрүп жазгыла, толуктагыла, сүйлөм түзгүлө же болбосо жаттагыла деген сыяктуу тапшырмалар басымдуулук кылып, ал эми жазуу, сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрө турган, уккан маалымат боюнча түшүнгөнүн ырааттуу айтып берүү, талкуулоо, ал аркылуу өзүнүн оозеки кебин өнүктүрө турган иштер аз жүргүзүлсө, тийиштүү натыйжаны күтүү ойдогудай болбойт. Мында тилди үйрөнүүгө кызыктыруучу ыкмаларды камтыган заманбап окуу куралдарынын жетишсиздиги терс роль ойноп жатат. Муну менен мектептеги кыргыз тилчи мугалимдерди күнөөлөгүм келбейт. Тескерисинче, алар усулдук жактан колдоого муктаж болуп жаткандыгын айткым келет. Биринчиден, кыргыз тилчилерди бириктире турган кандайдыр бир аянтча түзүлүп, тилди өнүктүрүү боюнча алгылыктуу иштер жүрсө дейм. Экинчиден, жаңы бүтүп келген мугалимдерге жардам катары мектептеги мыкты өтүлгөн ачык сабактардын үлгүлөрүн сайтка жайгаштырсак. Бул мугалимдердин бири-биринен көрүп, тажрыйба алмашуусуна өбөлгө түзүлөт эле. Орус тилиненби, математикаданбы керектүү сабактарды издеп интернетке кирсең, сабактын жайнаган үлгүлөрүн көрөсүң. Ал эми кыргыз тилденчи? Алардын бири жок. Демек, бул ишти колго алып, мугалимдердин тажрыйбасын жогорулата турган курстарды ачуубуз керек. Бардык тармактагы прогресске мыкты адистер алып келери бышык. Мугалимдердин колунда заманбап китеп жана эң негизгиси, көкүрөгүндө балдарга сүйүү болсо, аларды “өз” же “бөтөн” деп бөлүүгө жол бербейт. Мындай мугалим сабакка даярданып келген баланын көңүлүн көтөрүп, шык, дем берип туруу менен окугусу келбеген баланын да көңүлүн табууга, аны кызыктырууга аракет кылып жолун издейт. Кандай гана кырдаал жаралбасын, баланы басынтпайт, кордобойт. Сабакта психологиялык жагымдуу жагдай түзүлсө, окуучу сабакка жан дили менен барат, демек майнап да чыгат.

Ошондой эле окутуу жыйынтыктуу болуусу үчүн теманы жеткиликтүү, кызыктуу кылып түшүндүрүп, ишке аша тургандай талаптар коюлушу керек экендигин кесиптештерим жакшы билишет. Деги эле, 1-класстан тартып, мугалимдин негизги милдети – окуучунун кыргыз тилине болгон кызыгуусун жаратуу. Ал эми тилге, предметке, сабакка болгон кызыгуу балдарга мугалим өзү адам катары мээрими менен жакканда гана жаралат.

**– Мамлекеттик кызматкерлердин эне тилибизди билүү деңгээли канчалык?**

– “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 32-беренесинин 10-пунктунда бардык менчик формаларындагы окуу жайларынын жетекчилери, кызматкерлери жана ошол эле беренин 11-пунктунда билим берүү жана илимий мекемелерде эмгектенген педагогикалык кызматкерлер мамлекеттик тилди билүүгө жана аны кызматтык милдеттерин аткарууда милдеттүү деп көрсөтүлгөн. Менимче, балдар менен иштеген ар бир адис өзүнүн ишинин мүнөзүнө карабастан, мамлекеттик тилди кайсы бир деңгээлде сөзсүз билүүсү керек. Ал эми деңгээлдер жөнүндө айта турган болсок, жакында 2017-жылдын 31-январындагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин №17 Жарлыгынын негизинде биз кеп кылып жаткан Мыйзамдын аткарылышына түрткү берүүчү жоболордун долбоорлору иштелип чыкты. Анда кайсы кызматчы мамлекеттик тилди кандай деңгээлде билүүсү керек экендиги так көрсөтүлдү. Учурда “мамлекеттик кызматчы” категориясына кирбеген кызматкерлердин тизмеси түзүлүп жатат. Анда кенже топтогу кызматкерлерден баштап улук топко чейин ар бир тармак боюнча жумуш орундары такталып, аткарылып жаткан кызматтык милдеттерине жараша тилди билүү деңгээли бекитилет. Мамлекеттик тилди билүү деңгээлдери жалпыга түшүнүктүү болуусу үчүн маалымат катары айта кетейин. Улуттук «Кыргызтест» системабыз боюнча деңгээлдер 3 баскычка бөлүнүп, А баскычы баштапкы, В баскычы ортоңку жана С баскычы жогорку деңгээлдерди камтыйт. Негизинен баштапкы баскычтагы А1 жана А2 деңгээлдери жана ортоңку баскычтагы В1 деңгээли бул тилди экинчи же чет тили катары өздөштүрүп жаткан эне тили кыргыз тили болбогон жарандарыбыздын деңгээлдери. Ал эми мамлекеттик тил эне тили болгон кыргыз жарандарынын деңгээли В2 же андан жогору болуусу керек. Тилекке каршы, учурда бардык эле кыргыздар өз эне тилин талапка ылайык деңгээлде биле беришпейт. Демек, ар бирибиз тилибизди да, дилибизди да үйрөнүүгө умтулуубуз абзел.

**– Конституциялык Мыйзамдын аткарылышын камсыздоо үчүн жарандарыбызга кандай шарттар түзүлүп жатат?**

– Туура суроо. Албетте, бул талаптардын ырааттуу аткарылышы үчүн биринчиден жарандарыбыздын мамлекеттик тилди үйрөнөм деген ниети жана мында да кызыктуу, заманбап окуу куралдары болушу керек. Буга чейинки 10 жылга салыштырмалуу, учурда өз күчү менен китеп жазып, анын негизинде окутуп жаткан мугалимдердин саны арбыды. Ошол эле учурда ал мугалимдердин башын кошуп, болгон китептерди, колдонмолорду, окутуу ыкмаларын ортого салып, аларды талдап, жеткиликтүү, кызыктууларын ылгап, ал мугалимдердин тажрыйбасын жайылтуу менен бул иш мамлекеттик деңгээлде колго алынса, тилдин өнүгүүсүнө алып келген чоң кадам болор эле.

Эми жалпылабай, өзүбүздүн мекеме жөнүндө айтсам, 2019–2020-жылдары электрондук мобилдик тиркеме иштелип чыгып, биздин https://kyrgyztest.gov.kg/ сайтыбызга жайгаштырылган. Бул тиркемени тил үйрөнүүчүлөр дагы, тестке даярдануучулар дагы колдонсо болот. Ошондой эле мугалимдерге А1, А2 деңгээлдери үчүн электрондук колдонмо иштелип чыкты.

Бул колдонмо мугалимдер үчүн да, тилди өз алдынча үйрөнөм деген жарандар үчүн да бирдей пайдалуу болот деген ойдобуз. Учурда бул колдонмону порталга жайгаштыруу маселеси чечилүүдө.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



№18 (3571)
2024-жылдын 5-марты

ДЕН СООЛУК САКЧЫСЫ
www.erkin-too.kg

Бишкек шаарындагы №3 балдар бейтапканасынын башкы дарыгери Акылбек МАМАНОВ:

# "ДАРЫ-ДАРМЕКТЕР МЕНЕН МАМЛЕКЕТ ТАРАБЫНАН ЖҮЗ ПАЙЫЗ КАРЖЫЛАНЫП ЖАТАБЫЗ"



**- Акылбек Семетейеевич, өзүңүз жетектеген №3 балдар бейтапканасынын бүгүнкү күндөгү абалы, оорукананын жаңы курулуп жаткан корпусу, ага байланыштуу жетекчилик тарабынан жасалып жаткан иш-аракеттер жөнүндө маалымат бере кетсеңиз?**

- Мен бул бейтапканада 2021-жылдан бери башкы дарыгерлик милдетти аркалап келе жатам. Өзүңүздөр билгендей акыркы үч жылда мурункуга караганда абдан жакшы өзгөрүүлөр болуп жатат. Муну биз сөз менен эле эмес, иш менен далилдеп келе жатабыз. Биздин жумуш балдарды дарылап, ден соолугуна кам көрүү эмеспи. Кийинки жылдарда Кыргызстанда ички миграция күчөп, шаар чоңоюп, ооруканага болгон суроо-талап мурдагыдан да көп болуп, кезек күтүү узарып кеткен. Ушундай көйгөйлөрдүн баарын биз Саламаттык сактоо министри Алымкадыр Сабыровичке айтып, ал Президентибизге билдирип, соңку үч жылда бир топ арбын маселелерибиз чечилди. Алсак, эң жакшы саамалык катары балдар ооруканасынын тегерегинде курулуш иштери башталды. Өзүңүз көргөн азыркы балдар ооруканасынын имараты 1964-жылы курулган экен. Жыл өткөн сайын орун жетишсиз болуп, талапка толук жооп бере албай бараткан. Буюрса эми хирургия корпусу курулуп, бардык заманбап жабдуулар менен жабдылуусу күтүлүүдө. Имараттын курулушу 2022-жылдын 1-сентябрында башталып, Президентибиз Садыр Нургожоевич өзү келип капсула салган. Учурда иш токтоосуз жүрүп жатат. Долбоор боюнча бул имарат 2026-жылы курулуп бүтөт. Андан сырткары ушул жылдын жаз айлары менен оорукананын айлана-чөйрөсүн оңдоп-түзөөгө жумуштарын баштайбыз. Курулган боюнча оорукананын тышкы фасады оңдоп-түзөөдөн өткөн эмес экен. Буюрса 2024-жылга мына ушул имараттарды – оңдоп-түзөө, оорукананын аймагындагы жолдорду кайра жаңыртып асфальттоого даярдык көрүүдөбүз.

**- Дары-дармектердин жетишсиздигинен улам жаралган көйгөйлөр азыр деле барбы?**

- Бүгүнкү күндө балдар ооруканасында мурдагыдай дары-дармек тартыштыгы жок деп коркпой айта алабыз. Себеби, бул жагынан мамлекет бизди жүз пайыз каржылап жатат. Ошондой эле медициналык жабдыктардын эскилиги жеткенде өз жолу менен чыгышталып, алардын орду жаңы жабдуулар менен толукталууда. Дагы бир айта кетчү нерсе, мамлекеттин жардамы менен акыркы убакта биздин бейтапканага жаңы автоунаа, жаңы тез жардам бөлүнүп берилди. Ошол эле мамлекеттик каржылоо менен биздин оорукананын бардык бөлүмдөрүндө график менен ремонт иштери жүрүп жатат. Андан тышкары мамлекеттин эсебинен биздин дарыгерлер квалификациясын жогорулатуу үчүн окууга барып келип жатышат. Атайын түзүлгөн графиктин негизинде ар бир бөлүмдүн дарыгерлери, медайымдары ай сайын Кыргыз Мамлекеттик Медициналык академиясынын кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунан окуудан өтүшөт.

**- Күнү бою аягы үзүлбөгөн кезек күтүү маселеси кантип чечилди? Азыр кезек күткөн ата-энелердин карааны аз экен.**

- Президентибиздин санариптештирүү саясатынын аркасында ооруканадагы кезек күтүү маселеси жеңилдеди. Азыр оорулуулар электрондук кезекке тура алышат. Чындыгында кезекти биз жаратпайбыз. Жер-жерлерде, бардык аймактарда өздөрүнүн балдар дарыгерлери бар. Бүгүнкү күндө аймактардагы балдар дарыгерлери милдеттүү түрдө кечки саат сегизге чейин иштеп жатканына карабастан негедир аймактагы адамдар өздөрүнүн поликлиникаларына, үй-бүлөлүк дарыгерлерине барбай, түз эле биздин №3 балдар ооруканасына келип алышат. Жада калса аймактык педиатрдын жолдомо катын да албай келишет. Бир эле шаар калкы болсо да бир жөн, бери жагы Кара-Балтадан баштап, нары жагы Токмокко чейинки бүтүндөй Чүй аймагы келет. Кээде аларга сурамжылоо жүргүзүп, эмне үчүн өзүңөрдүн аймактык балдар дарыгерине барбай, жолдомосуз бул жакка келесиңер? Силер бизге да кезек жаратып жатпайсыңарбы десек, силерде дарыгерлер күчтүү, ошон үчүн келдик дешет. Ошончо ишеним менен келип жатышса, бар күчүбүз менен аларды дарылап айыктыруу биздин дарыгерлик милдетибиз. Эсептеп көрсөк, бир жылда орто эсеп менен 284 000дин айланасындагы балдарга медициналык жардам берет экенбиз. Албетте, ашыкча күчтү талап кылат, жетишүүгө болгон күч аракетибизди жумшайбыз.

**- Жыл сайын бир нече медициналык жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү педиатрия факультетин аяктап жатышат. Ошентсе да балдар дарыгерлеринин жетишсиздигинин себеби эмнеде?**

- Акыркы жылдары көптөгөн педиатрлар чет өлкөгө чыгып кетишти. Көпчүлүгү Москва шаарында иштеп жатышат. Мунун баары барып келип эле биздеги маянанын аздыгынан болуп жатат. Чындыгында дарыгерлердин жетишсиздиги деген көйгөйүбүз жашыруун эмес. Бул боюнча биз тиешелүү жерге билдирме жөнөттүк. Кантип педиатрларды өлкөбүздө алып калуунун жолдорун карап жатышат. Бүтүрүүчү курстагы студенттерге маянаны көтөрөбүз деген сунуштар да айтылды. Албетте, маянанын жетишсиз болуп жатканы жеке эле биздин өлкөдөн көз каранды эмес, бүгүнкү күндө бул дүйнөлүк кризистерге байланыштуу маселе экендиги талашсыз. Ошого карабастан азыр медиктердин айлык маянасын көтөрүү сунушун киргизип жатабыз. Акыркы жылдары дарыгерлердин маянасы да мурдагыга караганда бир топ жогорулап калды.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

## УИАнын ЖЫЛДЫК СЕССИЯСЫ

Өткөн аптада Улуттук илимдер Академиясынын жыйындар залында "2023-жылдагы илимий-изилдөө жана илимий-уюштуруу иштеринин жыйынтыгы боюнча" жылдык сессиясы болуп өттү.

Анда академиянын илимий жетишкендиктеринин көргөзмөсү болуп, ага окумуштуулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

Жалпы чогулуштун жылдык сессиясында КР УИАнын президенти, корреспондент-мүчөсү К.Е.Абдрахматов, академиянын башкы окумуштуу катчысы, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү Б.М.Худайбергенова сөз сүйлөдү. Академиянын финансы-экономикалык иштери боюнча башкармалыгынын башчысы Ү.Ы.Абдылдаева академиянын 2023-жылдын жыйынтыгы, 2024-жылдын бюджети тууралуу маалымат берди.

Ал ортодо Түштүк бөлүмүнүн төрагасы, академик И.О.Ибраимов, академик Ш.Жоробекова академиянын президентине ар кандай суроолорду берип, кайра татыктуу жоопторду алышты.

Андан кийин сөзгө чыккан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Э.Ж.Байсалов сессиялык чогулушка катышкан окумуштууларга, аксакал академиктерге ак тилек коштогон каалоосун айтып, Өкмөт тарабынан окумуштууларга көңүл бөлүнө тургандыгына токтолуп, кеңири сөз сүйлөдү.

Жыйында Билим берүү жана илим министри Д.Ш. Кендирбаева илим-билим багыты, грант ж.б. маселелер боюнча баяндама жасаса, окумуштуулар М.М.Кидибаев, М.С.Жуматаев, Р.Оморов, А.Акматалиев, А.Асанканов, Б.Бөрүбашов, С.Мусаев тиешелүү тармактар боюнча сунуштарын айтышты, ал эми КР УИАнын академиги, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын Кеңешчиси А.А.Айдаралиев, "Жасалма интеллект: Кыргыз Республикасындагы өнүгүү келечеги" аталышында айтылган кошумча сунуш пикирлерди кошуп доклад жасады.

КР УИАнын президенти, корреспондент-мүчөсү К.Е.Абдрахматов жалпы чогулушка катышкандарга ыраазычылыгын билдирип, сессияны жыйынтыктады.

**Раиса ДҮЙШЕНБЕКОВА**

## АБДРАЕВ МЕКТЕБИНЕ 2 РОЯЛЬ САТЫП АЛЫНДЫ

60 жылдык тарыхы бар Бишкектеги Мукаш Абдраев атындагы Республикалык атайын музыкалык орто мектеп интернатына 2 жаңы рояль сатылып алынды. Германиядан алып келинген роялдарды сатып алууга өлкө бюджетинен 10 млн сом бөлүнгөн. Жаңы роялдуу болушкан мугалимдер, окуучулар кубанып жатышат. Мында окуган окуучуга рояль калем сап менен дептер сыяктуу эле керек. Буга чейин балдар СССРден бери колдонуп келаткан эскилиги эбак жеткен рояль менен сабак окуп келишкен.

Акыркы жылдары мамлекеттен маданият тармагына каражаттар бөлүнүүдө. Анын алкагында Абдраев мектебинин оңдоо иштерине 5 миллиондон ашуун каражат, эки рояль сатып алганга 10 млн сом бөлүнгөн. Бул иштер Кыргыз Республикасынын Президентинин маданият тармагын колдоого багытталган Жарлыгынын алкагында ишке ашууда.

## ЧЫЧЫРКАНАКТЫН ПАЙДАСЫН БИЛГЕНДЕР



Тоолуу Ат-Башы районунда калктын экономикалык абалы жаман эмес. Анткени бул райондо учурда 7 багытта иш алып барылууда. Алар – эт, сүт, бал, балык, дары чөп, чычырканак менен карагат.

Органикалык аймак статусун алып жүргөн бул аймакта дүйнө жүзүндө суроо-талап жараткан чычырканакты экспорттоого чоң кадамдар жасалууда.

Климаттык шарты туура келген бул аймакта чычырканактын Алтай сорту райондогу 12 айылга жайылтылган. Эки жылдан бери 10 гектар аянтка айдалып, быйылкы жылы дагы 3 гектарга көбөйтүү аракетери жүрүүдө.

Чычырканак жемиши бүгүнкү күндө дүйнө элининин кызыгуусун арттырууда. Аны менен катар чычырканактын адамдын организмине пайдасы тууралуу медицинада да айтылат.

Жакында Ат-Башыда чычырканак, карагат мөмө-жемиштерин жайылтуу, экспорттоого арналган атайын форум уюштурулду. Ага мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, экологиялык продукцияларды өндүрүү боюнча адистер жана райондогу дыйкан-фермерлер катышты. Форумда Япония, Канада бул мөмөжемишти сатып алууга даяр экенин кайра иштетүү ишканаларынын жетекчилери билдирди.

Район акими Эмилбек Абдыкадыров Ат-Башыда ар бир айылда бул өсүмдүк өстүрүлөөрүн, ушу тапта чычырканактын килосу 150-160 сом экенин, гектарынан 1,5-2 миллион сомдук продукция өндүрүлөөрүн белгиледи.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

## 2019-ЖЫЛДЫН 21-ИЮНУНДА ЖЕНЕВА ШААРЫНДА КАБЫЛ АЛЫНГАН ЭМГЕК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ЗОМБУЛУКТУ ЖАНА ЫДЫК КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ ЖОЮУ ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК УЮМУНУН №190 КОНВЕНЦИЯСЫН РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 17-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2019-жылдын 21-июнунда Женева шаарында кабыл алынган эмгек чөйрөсүндөгү зомбулукту жана ыдык көрсөтүүлөрдү жоюу жөнүндө Эл аралык эмгек уюмунун №190 конвенциясы ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги депозитарий болуп саналган Эл аралык эмгек бюросунун башкы директоруна ратификациялоо жөнүндө грамотаны депонирлесин.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**
***Бишкек ш., 2024-жылдын 28-февралы, №59***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ КОНВЕНЦИИ №190 МЕЖДУНАРОДНОЙ ОРГАНИЗАЦИИ ТРУДА ОБ ИСКОРЕНЕНИИ НАСИЛИЯ И ДОМОГАТЕЛЬСТВ В СФЕРЕ ТРУДА, ПРИНЯТОЙ 21 ИЮНЯ 2019 ГОДА В ГОРОДЕ ЖЕНЕВА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 17 января 2024 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Конвенцию №190 Международной организации труда об искоренении насилия и домогательств в сфере труда, принятую 21 июня 2019 года в городе Женева.
**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики депонировать грамоту о ратификации депозитарию, которым является Генеральный директор Международного бюро труда.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**
***г. Бишкек, 28 февраля 2024 года, №59***

## 2023-ЖЫЛДЫН 29-АВГУСТУНДА МОСКВА ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН АЛКАГЫНДА МАМЛЕКЕТТИК (МУНИЦИПАЛДЫК) САТЫП АЛУУЛАРДЫ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУДА БАНК КЕПИЛДИКТЕРИН ӨЗ АРА ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 17-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
2023-жылдын 29-августунда Москва шаарында кол коюлган Евразия экономикалык биргилигинин алкагында мамлекеттик (муниципалдык) сатып алууларды жүзөгө ашырууда банк кепилдиктерин өз ара таануу жөнүндө макулдашуу ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө белгиленген тартипте Евразия экономикалык комиссиясына кабарласын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**
***Бишкек ш., 2024-жылдын 28-февралы, №60***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О ВЗАИМНОМ ПРИЗНАНИИ БАНКОВСКИХ ГАРАНТИЙ ПРИ ОСУЩЕСТВЛЕНИИ ГОСУДАРСТВЕННЫХ (МУНИЦИПАЛЬНЫХ) ЗАКУПОК В РАМКАХ ЕВРАЗИЙСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОЮЗА, ПОДПИСАННОГО 29 АВГУСТА 2023 ГОДА В ГОРОДЕ МОСКВЕ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 17 января 2024 года*

**Статья 1**
Ратифицировать Соглашение о взаимном признании банковских гарантий при осуществлении государственных (муниципальных) закупок в рамках Евразийского экономического союза, подписанное 29 августа 2023 года в городе Москве.
**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Евразийскую экономическую комиссию о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанного Соглашения.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**
***г. Бишкек, 28 февраля 2024 года, №60***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ("КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫНЫН ДЕН СООЛУГУН ТАМЕКИНИ, НИКОТИНДИ КЕРЕКТӨӨНҮН КЕСЕПЕТТЕРИНЕН ЖАНА АЙЛАНАДАГЫ ТАМЕКИ ТҮТҮНҮНҮН ЖАНА АЭРОЗОЛДУН ТААСИРИНЕН КОРГОО ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 25-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
"Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекини, никотинди керектөөнүн кесепеттеринен жана айланадагы тамеки түтүнүнүн жана аэрозолдун таасиринен коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ("Эркин-Тоо" гезити, 2021-жылдын 28-сентябры, №100) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
1) 13-беренеде:
а) 1-бөлүктүн 1-пункту төмөнкүдөй мазмундагы "е" пунктчасы менен толукталсын:
"е) тамеки чегүү үчүн атайын бөлүнгөн жайларды кошпогондо, коомдук жайларда;";
б) 4-бөлүк "Ушул берененин" деген сөздөрдөн кийин "5 жана 6-бөлүктөрүндө каралган учурларды кошпогондо," деген сөздөр менен толуктасын;
в) берене төмөнкүдөй мазмундагы 6-бөлүк менен толуктасын:
"6. Менчигинин түрүнө карабастан, ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун "в" пунктчасында жана 2-пунктунда көрсөтүлгөн уюмдардын, ишканалардын жана коомдук жайлардын жетекчилери жана ээлери тамеки чегүү үчүн атайын орун жайларды бөлүп бере алышат жана аларды Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген санитардык-гигиеналык, өрткө каршы ченемдерге ылайык жабдый алышат.
Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тиешелүү аймакта жайгашкан коомдук жайларда тамеки чегүү үчүн атайын жайларды аныктаашат жана камсыз кылышат.
Тамеки чегүү үчүн орун жайларды жабдууга талаптар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.";
2) 24-беренеде "Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө мыйзамдарында" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын эмгек, жарандык мыйзамдарында жана Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарында" деген сөздөргө алмаштырылсын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ("Эркин-Тоо" гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
1) 83-беренеде:
экинчи абзацта "10" деген цифралар "30" деген цифраларга алмаштырылсын;
2) 84-беренеде:
экинчи абзацта "30" жана "130" деген цифралар тиешелүүлүгүнө жараша "50" жана "500" деген цифраларга алмаштырылсын;
3) 85-беренеде:
а) 1-бөлүктүн экинчи абзацында "55" жана "170" деген цифралар тиешелүүлүгүнө жараша "100" жана "550" деген цифраларга алмаштырылсын;
б) 2-бөлүктүн экинчи абзацында "75" жана "230" деген цифралар тиешелүүлүгүнө жараша "170" жана "650" деген цифраларга алмаштырылсын;
в) 3-бөлүктүн экинчи абзацында "55" жана "170" деген цифралар тиешелүүлүгүнө жараша "100" жана "350" деген цифраларга алмаштырылсын;
г) берене төмөнкүдөй мазмундагы 4-бөлүк менен толуктасын:
"4. 18 жаш куракка чыга элек балдардын тамеки заттарын сатуусу –
жеке жактарга 55 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 170 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.";
4) 456-беренеде "85-берененин 3-бөлүгү" деген сөздөр "85-берененин 3 жана 4-бөлүктөрү" деген сөздөргө алмаштырылсын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бир айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**
***Бишкек ш., 2024-жылдын 28-февралы, №61***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ЗАЩИТЕ ЗДОРОВЬЯ ГРАЖДАН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОТ ПОСЛЕДСТВИЙ ПОТРЕБЛЕНИЯ ТАБАКА, НИКОТИНА И ВОЗДЕЙСТВИЯ ОКРУЖАЮЩЕГО ТАБАЧНОГО ДЫМА И АЭРОЗОЛЯ», КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 января 2024 года*

**Статья 1**
Внести в Закон Кыргызской Республики «О защите здоровья граждан Кыргызской Республики от последствий потребления табака, никотина и воздействия окружающего табачного дыма и аэрозоля» (газета «Эркин-Тоо» от 28 сентября 2021 года №100) следующие изменения:
1) в статье 13:
а) пункт 1 части 1 дополнить подпунктом «е» следующего содержания:
«е) в общественных местах, за исключением мест, специально выделяемых для курения;»;
б) часть 4 после слов «настоящей статьи» дополнить словами «, за исключением случаев, предусмотренных частями 5 и 6 настоящей статьи»;
в) статью дополнить частью 6 следующего содержания:
«6. Руководители и владельцы указанных в подпункте «в» пункта 1 и пункте 2 части 1 настоящей статьи организаций, предприятий и общественных мест, независимо от форм собственности, могут выделять специальные помещения для курения и оборудовать их в соответствии с санитарно-гигиеническими, противопожарными нормами, утвержденными Кабинетом Министров Кыргызской Республики.
Органы местного самоуправления определяют и обеспечивают специальные места для курения в общественных местах, находящихся на соответствующей территории.
Требования к оборудованию помещений для курения утверждаются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.»;
2) в статье 24 слова «законодательством Кыргызской Республики о нарушениях» заменить словами «трудовым, гражданским законодательством Кыргызской Республики и законодательством Кыргызской Республики о правонарушениях».
**Статья 2**
Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:
1) в статье 83:
в абзаце втором цифры «10» заменить цифрами «30»;
2) в статье 84:
в абзаце втором цифры «30» и «130» заменить соответственно цифрами «50» и «500»;
3) в статье 85:
а) в абзаце втором части 1 цифры «55» и «170» заменить соответственно цифрами «100» и «550»;
б) в абзаце втором части 2 цифры «75» и «230» заменить соответственно цифрами «170» и «650»;
в) в абзаце втором части 3 цифры «55» и «170» заменить соответственно цифрами «100» и «350»;
г) статью дополнить частью 4 следующего содержания:
«4. Реализация табачных изделий детьми, не достигшими возраста 18 лет, –
влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 55 расчетных показателей, на юридических лиц – 170 расчетных показателей.»;
4) в статье 456 слова «частью 3 статьи 85» заменить словами «частями 3 и 4 статьи 85».
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.
Кабинету Министров Кыргызской Республики в месячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**
***г. Бишкек, 28 февраля 2024 года, №61***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

**2023-ЖЫЛДЫН 16-МАЙЫНДА САМАРКАНД ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЕВРОПА РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ СЕКТОРУНУН ТУРУКТУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ ПРОГРАММАСЫ - КАДАМЖАЙ, ТАШ-КӨМҮР, КӨК-ЖАҢГАК ЖАНА АЙДАРКЕН ШААРЛАРЫНЫН ЧАКАН ДОЛБООРЛОРУ" ДОЛБООРУ БОЮНЧА КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ ЖАНА 2023-ЖЫЛДЫН 16-МАЙЫНДА САМАРКАНД ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЕВРОПА РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ СЕКТОРУНУН ТУРУКТУУЛУГУН ЖОГОРУЛАТУУ ПРОГРАММАСЫ - КАДАМЖАЙ, ТАШ-КӨМҮР, КӨК-ЖАҢГАК ЖАНА АЙДАРКЕН ШААРЛАРЫНЫН ЧАКАН ДОЛБООРЛОРУ" ДОЛБООРУ БОЮНЧА БЕРИЛҮҮЧҮ АКЦИОНЕРЛЕРДИН АТАЙЫН ФОНДУНАН ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ГРАНТ ТУУРАЛУУ ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 17-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 16-майында Самарканд шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы "Кыргыз Республикасынын суу секторунун туруктуулугун жогорулатуу программасы -Кадамжай, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак жана Айдаркен шаарларынын чакан долбоорлору" долбоору боюнча кредиттик макулдашуу жана 2023-жылдын 16-майында Самарканд шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкынын ортосундагы "Кыргыз Республикасынын суу секторунун туруктуулугун жогорулатуу программасы - Кадамжай, Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак жана Айдаркен шаарларынын чакан долбоорлору" долбоору боюнча берилүүчү Акционерлердин атайын фондунан инвестициялык грант тууралуу гранттык макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн макулдашуулардын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкына белгиленген тартипте кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 29-февралы, №62***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О РАТИФИКАЦИИ КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ЕВРОПЕЙСКИМ БАНКОМ РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ ПО ПРОЕКТУ «ПРОГРАММА ПОВЫШЕНИЯ УСТОЙЧИВОСТИ ВОДНОГО СЕКТОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ - ПОДПРОЕКТЫ ГОРОДОВ КАДАМЖАЙ, ТАШ-КУМЫР, КОК-ЖАНГАК И АЙДАРКЕН», ПОДПИСАННОГО 16 МАЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ САМАРКАНД, И ГРАНТОВОГО СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ЕВРОПЕЙСКИМ БАНКОМ РЕКОНСТРУКЦИИ И РАЗВИТИЯ ОТНОСИТЕЛЬНО ИНВЕСТИЦИОННОГО ГРАНТА ОТ СПЕЦИАЛЬНОГО ФОНДА АКЦИОНЕРОВ, ПРЕДОСТАВЛЯЕМОГО ПО ПРОЕКТУ «ПРОГРАММА ПОВЫШЕНИЯ УСТОЙЧИВОСТИ ВОДНОГО СЕКТОРА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ - ПОДПРОЕКТЫ ГОРОДОВ КАДАМЖАЙ, ТАШ-КУМЫР, КОК-ЖАНГАК И АЙДАРКЕН», ПОДПИСАННОГО 16 МАЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ САМАРКАНД**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 17 января 2024 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Кредитное соглашение между Кыргызской Республикой и Европейским банком реконструкции и развития по проекту «Программа повышения устойчивости водного сектора Кыргызской Республики - подпроекты городов Кадамжай, Таш-Кумыр, Кок-Жангак и Айдаркен», подписанное 16 мая 2023 года в городе Самарканд, и Грантовое соглашение между Кыргызской Республикой и Европейским банком реконструкции и развития относительно инвестиционного гранта от Специального фонда акционеров, предоставляемого по проекту «Программа повышения устойчивости водного сектора Кыргызской Республики - подпроекты городов Кадамжай, Таш-Кумыр, Кок-Жангак и Айдаркен», подписанное 16 мая 2023 года в городе Самарканд.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики в установленном порядке уведомить Европейский банк реконструкции и развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанных соглашений.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 29 февраля 2024 года, №62***

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНАН «КЕРЕМЕТ БАНК» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН АКЦИЯЛАРЫНЫН ПАКЕТИН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН САТЫП АЛУУСУ ЖӨНҮНДӨ**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 14-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына (мындан ары -Улуттук банк) таандык «Керемет Банк» ачык акционердик коомунун (мындан ары -«Керемет Банк» ААКы) акцияларынын пакетин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ары - Министрлер Кабинети) сатып алуусунун тартибин жана шарттарын жөнгө салат.

**2-берене**

Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги (мындан ары - Финансы министрлиги) аркылуу ушул Мыйзамга ылайык Улуттук банктын эсебине акча каражаттарын которуу жолу менен «Керемет Банк» ААКынын жөнөкөй энчилүү акцияларынын жалпы санынын 97,45 пайызын түзгөн 84 770 588 (сексен төрт миллион жети жүз жетимиш миң беш жүз сексен сегиз) даана сандагы, «Керемет Банк» ААКынын Улуттук банкка таандык жөнөкөй энчилүү акцияларынын пакетин (мындан ары — акциялардын пакети) сатып алат.

**3-берене**

1. «Керемет Банк» ААКынын Улуттук банкка таандык акцияларынын пакетин Министрлер Кабинетинин Финансы министрлиги аркылуу сатып алуусу төмөнкүдөй шарттарда жүзөгө ашырылат:

1) Министрлер Кабинети «Керемет Банк» ААКынын Улуттук банкка таандык 84 770 588 (сексен төрт миллион жети жүз жетимиш миң беш жүз сексен сегиз) даана сандагы акцияларынын пакетин Финансы министрлиги аркылуу сатып алат, ал эми Улуттук банк аларды өткөрүп берет;

2) Министрлер Кабинети Финансы министрлиги аркылуу сатып алуучу акциялардын пакетинин баасы рыноктук нарк катары аныкталат жана Улуттук банк тарабынан «Керемет Банк» ААКына 8 216 574 400 (сегиз миллиард эки жүз он алты миллион беш жүз жетимиш төрт миң төрт жүз) сом суммасында инвестициялык салым жүргүзүлгөндө 7 126 432 000 (жети миллиард бир жүз жыйырма алты миллион төрт жүз отуз эки миң) сомду түзөт;

3) 7 126 432 000 (жети миллиард бир жүз жыйырма алты миллион төрт жүз отуз эки миң) сом өлчөмүндөгү акча каражаттарын Улуттук банктын эсебине которуу ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып отуз күндүн ичинде Министрлер Кабинети тарабынан Финансы министрлиги аркылуу жүргүзүлөт;

4) акциялардын пакетине менчик укугун Улуттук банктан Министрлер Кабинетине Финансы министрлиги аркылуу өткөрүп берүү Улуттук банктын эсебине акча каражаттары которулган күндөн тартып отуз күндөн кечиктирилбеген мөөнөттө жүргүзүлөт;

5) Улуттук банктан «Керемет Банк» ААКынын акцияларынын пакетине менчик укугун Министрлер Кабинетине Финансы министрлиги аркылуу өткөрүү ушул Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган кандайдыр бир комиссиялык жыйымдардан жана алымдардан бошотулат;

6) Министрлер Кабинетинин акциялардын пакетин Финансы министрлиги аркылуу сатып алуусу фондулук биржадан тышкары, Улуттук банктын эсебине акча каражаттарын түз которуу жана «Керемет Банк» ААКынын энчилүү баалуу кагаздарынын ээлеринин реестрине тиешелүү жазууларды киргизүү жолу менен жүзөгө ашырылат;

7) ушул Мыйзамдын алкагында Министрлер Кабинетинин акциялардын пакетин Финансы министрлиги аркылуу сатып алуусу «Керемет Банк» ААКынын капиталындагы чектүү катышууну сатып алууга Улуттук банктын уруксатын алуу жол-жоболорун жүргүзүүнү талап кылбайт.

2. Улуттук банктын «Керемет Банк» ААКына 8 216 574 400 (сегиз миллиард эки жүз он алты миллион беш жүз жетимиш төрт миң төрт жүз) сом өлчөмүндө жүргүзгөн инвестициялык салымдары менен 7 126 432 000 (жети миллиард бир жүз жыйырма алты миллион төрт жүз отуз эки миң) сом өлчөмүндөгү акциялардын пакетинин наркынын ортосундагы айырма 1 090 142 400 (бир миллиард токсон миллион бир жүз кырк эки миң төрт жүз) сомду түзөт жана бул Улуттук банктын «Керемет Банк» ААКынын акцияларынын пакетине ээлик кылган мезгилдеги таза чыгымы болуп саналат.

**4-берене**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Министрлер Кабинети «Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун даярдоодо тиешелүү өзгөртүүлөрдү карашсын.

3. Ушул Мыйзамдын ченемдеринин жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзам ченемдеринин ортосунда коллизиялар келип чыккан учурда, ушул Мыйзамдын ченемдери колдонулат.

4. Министрлер Кабинети Финансы министрлиги аркылуу жана Улуттук банк ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып он күндүн ичинде акциялардын пакетин сатып алуу жөнүндө тиешелүү макулдашууну түзүшсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 1-марты, №63***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О ПРИОБРЕТЕНИИ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПАКЕТА АКЦИЙ ОТКРЫТОГО АКЦИОНЕРНОГО ОБЩЕСТВА «КЕРЕМЕТ БАНК» У НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 14 февраля 2024 года*

**Статья 1**

Настоящий Закон регулирует порядок и условия приобретения Кабинетом Министров Кыргызской Республики (далее - Кабинет Министров) пакета акций открытого акционерного общества «Керемет Банк» (далее - ОАО «Керемет Банк»), принадлежащих Национальному банку Кыргызской Республики (далее -Национальный банк).

**Статья 2**

Кабинет Министров в лице Министерства финансов Кыргызской Республики (далее - Министерство финансов) приобретает пакет простых именных акций ОАО «Керемет Банк» (далее - пакет акций), принадлежащих Национальному банку, в количестве 84 770 588 (восемьдесят четыре миллиона семьсот семьдесят тысяч пятьсот восемьдесят восемь) штук, которые составляют 97,45 процента от общего количества простых именных акций ОАО «Керемет Банк», путем перечисления денежных средств на счет Национального банка в соответствии с настоящим Законом.

**Статья 3**

1. Приобретение Кабинетом Министров в лице Министерства финансов пакета акций ОАО «Керемет Банк», принадлежащих Национальному банку, осуществляется на следующих условиях:

1) Кабинет Министров в лице Министерства финансов приобретает, а Национальный банк передает пакет акций ОАО «Керемет Банк» в количестве 84 770 588 (восемьдесят четыре миллиона семьсот семьдесят тысяч пятьсот восемьдесят восемь) штук, принадлежащих Национальному банку;

2) цена приобретаемого Кабинетом Министров в лице Министерства финансов пакета акций определяется как рыночная стоимость и составляет 7 126 432 000 (семь миллиардов сто двадцать шесть миллионов четыреста тридцать две тысячи) сомов при осуществленных Национальным банком инвестиционных вложениях в ОАО «Керемет Банк» в сумме 8 216 574 400 (восемь миллиардов двести шестнадцать миллионов пятьсот семьдесят четыре тысячи четыреста) сомов;

3) перечисление денежных средств в размере 7 126 432 000 (семь миллиардов сто двадцать шесть миллионов четыреста тридцать две тысячи) сомов осуществляется Кабинетом Министров в лице Министерства финансов на счет Национального банка в течение тридцати дней со дня вступления в силу настоящего Закона;

4) передача права собственности на пакет акций от Национального банка Кабинету Министров в лице Министерства финансов осуществляется в срок не позднее тридцати дней со дня перечисления денежных средств на счет Национального банка;

5) переход права собственности на пакет акций ОАО «Керемет Банк» от Национального банка к Кабинету Министров в лице Министерства финансов в соответствии с настоящим Законом освобождается от каких-либо комиссионных сборов и пошлин, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики;

6) приобретение Кабинетом Министров в лице Министерства финансов пакета акций осуществляется вне фондовой биржи путем прямого перечисления денежных средств на счет Национального банка и внесения соответствующих записей в реестр владельцев именных ценных бумаг ОАО «Керемет Банк»;

7) приобретение Кабинетом Министров в лице Министерства финансов пакета акций в рамках настоящего Закона не требует проведения процедур получения разрешения Национального банка на приобретение порогового участия в капитале ОАО «Керемет Банк».

2. Разница между осуществленными инвестиционными вложениями Национального банка в размере 8 216 574 400 (восемь миллиардов двести шестнадцать миллионов пятьсот семьдесят четыре тысячи четыреста) сомов в ОАО «Керемет Банк» и стоимостью пакета акций в размере 7 126 432 000 (семь миллиардов сто двадцать шесть миллионов четыреста тридцать две тысячи) сомов составляет 1 090 142 400 (один миллиард девяносто миллионов сто сорок две тысячи четыреста) сомов и является чистым убытком Национального банка за период владения пакетом акций ОАО «Керемет Банк».

**Статья 4**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

2. Кабинету Министров предусмотреть соответствующие изменения при подготовке проекта Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «О республиканском бюджете Кыргызской Республики на 2024 год и плановый период 2025-2026 годов».

3. В случае возникновения коллизий между нормами настоящего Закона и нормами других законов Кыргызской Республики применяются нормы настоящего Закона.

4. Кабинету Министров в лице Министерства финансов и Национальному банку в течение десяти дней со дня вступления в силу настоящего Закона заключить соответствующее соглашение о приобретении пакета акций.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 1 марта 2024 года, №63***

## 2023-ЖЫЛДЫН 14-ИЮЛУНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН «РЕСПУБЛИКАЛЫК КЛИНИКАЛЫК ЖУГУШТУУ ООРУЛАР ООРУКАНАСЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК ЖАКШЫРТУУ» ДОЛБООРУ ҮЧҮН ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ МАКСАТЫНДА КЫЗМАТТАШУУ ФОНДУНАН НАСЫЯ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН КОРЕЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ОРТОСУНДАГЫ МАКУЛДАШУУНУ ЖАНА 2023-ЖЫЛДЫН 21-АВГУСТУНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН «РЕСПУБЛИКАЛЫК КЛИНИКАЛЫК ЖУГУШТУУ ООРУЛАР ООРУКАНАСЫН ФУНКЦИОНАЛДЫК ЖАКШЫРТУУ» БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ МЕНЕН КОРЕЯНЫН ЭКСПОРТТУК-ИМПОРТТУК БАНКЫНЫН (EDCF АТЫНАН ӨКМӨТТҮК АГЕНТТИК) ОРТОСУНДАГЫ НАСЫЯЛЫК МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 31-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 14-июлунда Бишкек шаарында кол коюлган «Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасын функционалдык жакшыртуу» долбоору үчүн экономикалык өнүктүрүү максатында Кызматташуу фондунан насыя боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Корея Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Макулдашууну жана 2023-жылдын 21-августунда Бишкек шаарында кол коюлган «Республикалык клиникалык жугуштуу оорулар ооруканасын функционалдык жакшыртуу» боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Кореянын Экспорттук-импорттук банкынын (EDCF атынан Өкмөттүк агенттик) ортосундагы Насыялык макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги көрсөтүлгөн макулдашуулардын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы жөнүндө Экономикалык өнүктүрүү максатында кызматташуу фондуна (EDCF) кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 1-марты, №64***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПРАВИТЕЛЬСТВОМ РЕСПУБЛИКИ КОРЕЯ В ОТНОШЕНИИ КРЕДИТА ОТ ФОНДА СОТРУДНИЧЕСТВА В ЦЕЛЯХ ЭКОНОМИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ ДЛЯ ПРОЕКТА «ФУНКЦИОНАЛЬНОЕ УЛУЧШЕНИЕ РЕСПУБЛИКАНСКОЙ КЛИНИЧЕСКОЙ ИНФЕКЦИОННОЙ БОЛЬНИЦЫ», ПОДПИСАННОГО 14 ИЮЛЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК, И КРЕДИТНОГО СОГЛАШЕНИЯ «ФУНКЦИОНАЛЬНОЕ УСОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ РЕСПУБЛИКАНСКОЙ КЛИНИЧЕСКОЙ ИНФЕКЦИОННОЙ БОЛЬНИЦЫ» МЕЖДУ КАБИНЕТОМ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ЭКСПОРТНО-ИМПОРТНЫМ БАНКОМ КОРЕИ (ПРАВИТЕЛЬСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ОТ ИМЕНИ EDCF), ПОДПИСАННОГО 21 АВГУСТА 2023 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 31 января 2024 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Правительством Республики Корея в отношении Кредита от Фонда сотрудничества в целях экономического развития для проекта «Функциональное улучшение Республиканской клинической инфекционной больницы», подписанное 14 июля 2023 года в городе Бишкек, и Кредитное соглашение «Функциональное усовершенствование Республиканской клинической инфекционной больницы» между Кабинетом Министров Кыргызской Республики и Экспортно-Импортным Банком Кореи (Правительственное агентство от имени EDCF), подписанное 21 августа 2023 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики уведомить Фонд сотрудничества в целях экономического развития (EDCF) о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанных соглашений.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 1 марта 2024 года, № 64***

## САЛЫКТЫК ЭМЕС КИРЕШЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 25-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2018-ж., № 7-8, 490-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

27-березненин 4-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Мамлекеттик алымды кайра кайтаруу сот актысынын негизинде ал мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып бир жыл өткөнгө чейин анын бюджетке эсепке киргизилген жери боюнча казыналык органдар тарабынан жүргүзүлөт.».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 1-марты, №65***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЯ В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О НЕНАЛОГОВЫХ ДОХОДАХ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 января 2024 года*

**Статья 1**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о неналоговых доходах (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2018 г., № 7-8, ст. 490) следующее изменение:

абзац второй части 4 статьи 27 изложить в следующей редакции:

«Возврат государственной пошлины производится органами казначейства по месту ее зачисления в бюджет на основании судебного акта до истечения одного года со дня вступления его в законную силу.».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 1 марта 2024 года, №65***

## 2023-ЖЫЛДЫН 14-НОЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ АССОЦИАЦИЯСЫНЫН (ДҮЙНӨЛҮК БАНК) ОРТОСУНДАГЫ КАРЖЫЛОО ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ (КАМБАР-АТА ГЭС-1 ДОЛБООРУ ҮЧҮН ТЕХНИКАЛЫК ЖАРДАМ) ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ АССОЦИАЦИЯСЫНЫН (ДҮЙНӨЛҮК БАНК) ОРТОСУНДАГЫ МАКУЛДАШУУ КАТЫН (ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУ) (КАМБАР-АТА ГЭС-1 ДОЛБООРУ ҮЧҮН ТЕХНИКАЛЫК ЖАРДАМ) РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2024-жылдын 14-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 14-ноябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (Дүйнөлүк банк) ортосундагы Каржылоо жөнүндө макулдашуу (Камбар-Ата ГЭС-1 долбоору үчүн техникалык жардам) жана Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (Дүйнөлүк банк) ортосундагы Макулдашуу каты (Гранттык макулдашуу) (Камбар-Ата ГЭС-1 долбоору үчүн техникалык жардам) ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги аталган макулдашуулардын күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболордун Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясына кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 2-марты, №66***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О ФИНАНСИРОВАНИИ (ТЕХНИЧЕСКАЯ ПОМОЩЬ ДЛЯ ПРОЕКТА КАМБАР-АТИНСКОЙ ГЭС-1) МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И МЕЖДУНАРОДНОЙ АССОЦИАЦИЕЙ РАЗВИТИЯ (ВСЕМИРНЫЙ БАНК) И ПИСЬМА-СОГЛАШЕНИЯ (ГРАНТОВОЕ СОГЛАШЕНИЕ) МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И МЕЖДУНАРОДНОЙ АССОЦИАЦИЕЙ РАЗВИТИЯ (ВСЕМИРНЫЙ БАНК) (ТЕХНИЧЕСКАЯ ПОМОЩЬ ДЛЯ ПРОЕКТА КАМБАР-АТИНСКОЙ ГЭС-1), ПОДПИСАННЫХ 14 НОЯБРЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 14 февраля 2024 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение о финансировании (Техническая помощь для проекта Камбар-Атинской ГЭС-1) между Кыргызской Республикой и Международной ассоциацией развития (Всемирный банк) и Письмо-соглашение (Грантовое соглашение) между Кыргызской Республикой и Международной ассоциацией развития (Всемирный банк) (Техническая помощь для проекта Камбар-Атинской ГЭС-1), подписанные 14 ноября 2023 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики уведомить Международную ассоциацию развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу указанных соглашений.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 2 марта 2024 года, №66***

БИРИНЧИ БАЙЛЫК – ДЕН СООЛУК
www.erkin-too.kg

## Кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди

# “СПИД жана ге ДАРТТЫН АЛДЫ



***Кыргыз Республикасы Чыгыш Европа жана Орто Азия өлкөлөрүнүн ичинен биринчилерден болуп 23 жаштан баштап гепатиттин «В» түрүнө каршы пилоттук эмдөө жүргүзүүдө. Кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана ВИЧ инфекциясын көзөмөлдөө борборунун директору Чокморова Үмүткан Жусуповна узак жылдардан бери саламаттык сактоо тармагында үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Коомубузда ак эмгеги менен кадыр-барк күтүп, өзү жетектеген жамаатты бийиктиктерге, ийгиликтерге жетелеген Үмүткан айымга ким болбосун сый-урмат көрсөтүп, баалайт. КРнын эмгек сиңирген врачы Үмүткан айым менен болгон маегибизде мамлекетибизде ВИЧ/СПИД жана кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттердин алдын алууда аткарылган иштер, учурдагы аракеттер тууралуу аңгеме курдук.***

**- Үмүткан айым, сиздер эми ВИЧ инфекциясын эле көзөмөлдөбөстөн кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди да дарылап жатасыздар. Ушул эки кызматты кошуунун негизги себеби эмнеде?**

- ВИЧ-инфекциясы менен кан аркылуу жугуучу гепатиттерди кошуунун бирден-бир себептери төмөнкү факторлорго таянат:

● Гепатит оорусу менен ооругандардын Коомдук уюмунун өкүлдөрү бир нече жолу КРнын Президентине, Жогорку Кеңешине, Саламаттык сактоо министрлигине гепатит оорусу менен ооругандарды көзөмөлдөгөн мекеме жоктугун баса белгилеп жана аларды лабораториялык аныктоо, дарылоосуна өкмөт тарабынан акча бөлүү маселеси боюнча кайрылуу жасашкан.

● СПИД оорусу менен ооруган сыркоолорду мамлекеттик каржылоонун эсебинен гепатиттин “В” түрүнө каршы эмдөө жана калк арасында гепатит оорусунун “В” жана “С” түрлөрү менен ооругандарды дарылоодогу мол тажырыйбабыз эске алынды.

● Жугуу жолдорунун окшоштугу (кан аркылуу, жыныстык катнаш аркылуу жана энеден балага берилүүсү) дагы өз таасирин тийгизди.

● Биздин лабораториялык потенциалыбыздын базасы жогору. Республика боюнча облустук, шаардык СПИД борборлорунун базасында жана аймактык оорукканалардагы жалпысынан 33 ВИЧ-инфекциясын жана гепатиттин ”В” жана “С” түрлөрүн аныктоочу лабораторияларыбыз бар. Буга чейин анализдер акы төлөп жасалчу, бирок баары менчик диагностикалык лабораторияларга караганда 4-5 эсе арзан болгон.

● СПИД жана гепатит ооруларынын козгогучу вирус болуп саналгандыктан дарылоо ыкмаларынын окшоштугун айтсам болот.

**- Үмүткан Жусуповна, ВИЧ инфекциясы менен гепатит оорусунун алдын алуу боюнча 2030-жылга Глобалдык максаттар коюлган жана максатка жетүү үчүн кандай иштер жүргүзүлүп жатат?**

- Бүгүнкү күнү негизги максатыбыз ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алгандарды эрте аныктоо жана алар ооруну башкаларга жуктурбоосу үчүн дарылоону эрте баштоо. 2015-жылы 25-сентябрда БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган резолюцияда Туруктуу өнүгүүнүн максаттарынын бири катары дүйнө коомчулугуна 2030-жылга СПИД, кургак учук, безгек жана гепатит ооруларынын бир дагы жаңы учуру катталбасын деген максат-милдеттенмелер коюлган. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн ЮНЭЙДС (Бириккен Улуттар уюмунун ВИЧ/СПИД боюнча программасы) Эл аралык уюму тарабынан 95:95:95 стратегиясы кабыл алынган. Бүгүнкү күнгө алдын-ала маалымдоочу “СПЕКТРУМ” программасынын негизинде 11000 ВИЧ-инфекциясын алып жүргөн адамдар жашайт. Бул стратегиянын негизинде 2026-жылга:

ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөрдүн 95 пайызы өзүнүн статусун билиш керек, биз 9034 же 82% аныктадык. Биз дагы 2000ге жакын вирусту алып жүрүүчүлөрдү табышыбыз керек,

ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөрдүн 95 пайызы дарыланыш керек, биз тапкан 9034түн ичинен 6357 же 70% дарыланууда.

Дарыланып жаткандардын 95 пайызы ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөрдүн канынан вирустун саны аныкталбашы керек. Азыркы учурда 6357 дарыланууга камтылгандардын ичинен 5791де вирустун көлөмү аныкталбайт, биз 91% жеттик.

Бул максаттарга жетүүдө көптөгөн тоскоолдуктар болот, алсак өзүнүн анализинин жыйынтыгын укканда өзүн-өзү кудулоо, жыйынтыгына ишенбестик пайда болот да көпкө чейин борборго келүүдөн баш тартышат, жашаган жерин өзгөртүшөт, же анализ тапшырууда туура эмес дарек айтып коюшат. Убакытты өткөрүп ийишип, акыркы терминалдык СПИД стадиясына жеткенде кайрылышат (кошумча оорулар – кургак учук, гепатиттер ж.б. оорулар пайда болуп калган кезде). Көпчүлүгү өлүмгө дуушар болушат. Медициналык кызматкерлерге алардын жашаган жерине бир нече жолу барууга туура келет, дарылануудан баш тартышат.

**- Бул стратегияны ишке ашырууга сиздерде бардык мүмкүнчүлүктөр барбы?**

- Албетте, аракеттер арбын жасалууда. Маселен, 2021-жылы КР БУУнун Башкы Ассамблеясынын 95-95-95 стратегиясына жетүү милдеттенмесин кабыл алды. Министрлер Кабинетинин алтынчы «Кыргыз Республикасында 2024–2028-жылдарга ВИЧ-инфекциясын жана вирустук гепатиттерди жоюу боюнча мамлекеттик программасы» иштелип чыкты. Мамлекеттик каржылоонун 2016-жылдан бери көбөйүшү, бүгүнкү күнү ВИЧ-инфекциясын алып жүрүүчүлөрдү аныктоочу тест-системалардын жана дарылоочу (АРТ) антиретровирустук дарылардын 80% мамлекеттин эсебинен каржыланат жана Вирустук гепатиттин «В» түрүнө каршы эмдөө, эмдөөнүн алдында жүргүзүлө турган канда гепатиттин «В» вирусу бар экендигин аныктай турган Экспресс-тестирлөө (ЭТ), лабораториялык аныктоо жана дарылоо республикалык бюджеттин эсебинен 2023-жылдан баштап жүргүзүлүүдө.

ВИЧ-инфекциясы аныкталары менен дарылоо башталат. Белгилей кетчү жетишкендиктердин бири – бул ыкманын негизинде ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алгандардын ден-соолугунун оңолушу, узак жашоосу, өнөктөшүнө жана боюнда бар кезде түйүлдүккө ВИЧ-инфекциясын жуктуруу коркунучунун азайышы болуп саналат.

Боюнда бар аялдарды 2021-жылга чейин өнөктөшү менен бирдикте бир жолу каттоого турганда ВИЧке текшерилсе, азыркы учурда ВИЧ-инфекциясы балдардын арасында катталып жаткандыгын эске алып 2 жолу текшерүүнү (биринчи жана үчүнчү үч айлыгында) 2021-жылдан баштап киргиздик. Эгер аял каттоого турбай төрөткө келсе, тестирлөөдөн оң натыйжа чыкса АРТга кошуу үчүн бардык төрөт бөлүмдөрү экспресс-тесттер, эне жана ымыркай үчүн АРВ (антиретро вирустук) дарылар менен камсыз кылынган. Биздин эң чоң ийгиликтерибиздин бири – ВИЧ инфекциясынын энеден балага берилүү жолун болуп көрбөгөндөй азайтканыбыз болду. Мындан 10 жыл мурун энеден балага берилүү жолу 39 пайызды түзсө, азыр ал жагдайды 2,4 пайызга түшүрдүк. ВИЧ инфекциясы менен жашаган ата-энелерден таза балдар төрөлүп жатат. Эгерде жубайлардын бирөөсү ооруп жатса, бирөөсүнө жукпайт. Бул биздин мекемелерибиздин заман талабына жараша иштеп жаткандыгынын далили десек болот.

Анан дагы аярлуу топтордун арасында алдын-алуу программалары иштелип чыккан. Ал Кыргызстанда 24 метадон менен алдын алуучу пункттар бейөкмөт уюмдарда, үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлорунда жана Мамлекеттик жазаны аткаруу мекемесинде иштеп жатат. Бүгүнкү күнү 800-950 баңги затын ийне аркылуу колдонгон адамдар метадон программасына камтылган.

19 бейөкмөт уюмунун базасында колдонулган шприцтерди алмаштыруучу пункттар иштеп жатат. Ушул эле жерде аярлуу топтордун арасында ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөрдү шилекейден аныктоо ыкмасы киргизилди.

Лабораториялык жол менен тастыктоо мөөнөтү кыскартылды, мурда 2 ай ичинде жыйынтыгы чыкса, бүгүнкү күндө 1 күн ичинде жыйынтыгы берилет. Электрондук система (ЭС) толук киргизилди, булар электрондук карта, лабораторияда электрондук каттоо жана жыйынтыгын электрондук форматта берүү.

ВИЧ-инфекциясын алып жүрүүчүлөрдү эрте аныктоо үчүн жаңы ыкмалар киргизилди. Маселен, чыпалактан кан алып экспресс-тест менен аныктоо үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунда жана жалпы дарыгерлер борборлорунда ишке ашырылат. Эл аралык уюмдардын каржылоосу менен 2022-жылдан тарта өзүн-өзү тестирлөө ыкмасы менен ВИЧке тестирлөө киргизилген. Азыркы учурда hivtest платформасы аркылуу НЕМАН аптека пункттарынын филиалдарында жана атайын орнотулган Таштаматтарда тесттер таратылат. 2023-жылы жалпысынан 5365 адам өзүн-өзү текшерүү ыкмасы менен ВИЧке тестирлөөдөн өтүп, анын ичинен 31де оң натыйжа аныкталган.







*Россия Федерациясы тарабынан берилген мобилдүү клиникасы алыскы Баткен облусунун чек ара кызматкерлеринин ден соолугун текшерүүдө*

**- Кайсы нормативдик документтердин негизинде иштер жүргүзүлүп жатат?**

- АИВ-инфекциясы жаатындагы мамлекеттик саясат көп сектордук мамилеге негизделген. Бул жаатагы программаларды ишке ашыруу "Кыргыз Республикасындагы ВИЧ/СПИД жөнүндө" Мыйзамдын, Министрлер Кабинетинин Токтомдорунун негизинде жүргүзүлүп келет. Азыркы учурда “ВИЧ/СПИД жөнүндө” Мыйзам кайра каралып чыгып, "Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө", "Калктын саламаттыгы жөнүндө" мыйзамдарга интеграцияланган. Андан сырткары Министрлер Кабинетинин “ВИЧ жана вирустук гепатиттердин эпидемиясын жеңүү боюнча 2024–2028-жж. Программасы иштелип чыгып, бекитүү стадиясында турат. Бул программада адамдын иммунодефицит вирусунан (АИВ-инфекциясы) пайда болуучу өнөкөт оорулардын жана вирустук гепатиттердин жайылышынын алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын максаты, милдеттери жана негизги багыттары аныкталган. Программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы каралууда. Кыргыз Республикасынын министрликтерине, мамлекеттик комитеттерине, административдик ведомстволоруна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу огандарына иш-чаралар планын аткаруу милдеттендирилген.

**- Үмүткан Жусуповна – ВИЧ-инфекциясынын бүгүнкү күндөгү абалы кандай?**

- ВИЧ/СПИД дүйнө жүзүндө күч алып, чагылган сыяктуу тез таркап жатат. Окумуштуулардын маалыматы боюнча бир күндө 16000, мүнутасына 11 адам ооруну жуктуруп алууда. Дагы бир өкүнүчтүү жагы, бул оору продуктивдүү эмгекке жарамдуу калктын катмарына таралып жаткандыгында. “Бул оору менен оорубайм” деп эч ким кепилдик бере албайт, оору жашына, билигине, байлыгына, улутуна карабайт, баарыбызга бирдей коркунуч бар. Республикада алгач бул оору 1987-жылы катталган. 1987–1996-жылга чейин учкучтарды даярдоочу аскердик окуу жайына Африкадан жана башка өлкөлөрдөн келип окуган

### жана ВИЧ инфекциясын көзөмөлдөө борборунун директору Үмүткан ЧОКМОРОВА:

# епатит ооруларынан сактаналы:
# ЫН АЛУУ – АЙЫККАНГА ТЕТЕ!”

доктор Назаралиевдин клиникасына келип дарыланышкан. Баңгиден жапа чеккен чет элдик жарандардан катталып келген экен. 1996-жылга чейин өз атуулдарынан СПИД оорусу катталбаган бирден-бир өлкө болуп келгенбиз.

2024-жылдын 1-февралына карата бардыгы 13347 ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөр катталды, анын ичинен 1341 СПИД стадиясындагылар, 3385 киши каза болду, 779 чет элдик атуулдар, 763 балдар. Оорунун 100 миң кишиге көрсөткүчү 14,0 учур болуп саналат жана оору бардык региондордо катталууда: Жалпы катталгандардын ичинен Бишкек шаарында – 3211 учур (26,4%), каза болгону 470, Ош облусунда 3266 (26%), каза болгону 1001, 3249 учур (25,9%) Чүй облусунда – 3249 учур (26%), каза болгону – 1245, Жалал-Абад облусунда – 1436 учур (11,4%), каза болгону – 405, Ысык-Көл облусунда – 494 учур (11,45), каза болгону – 46, Баткен облусунда – 329 учур (2.6%), каза болгону – 76, Нарын облусунда – 274 учур (2,17), каза болгону – 61, Талас облусунда – 199 учур (1,6%), каза болгону – 1.

**Жынысы боюнча:** эркектер – 63%, аялдар – 37% түзөт.

**Жугуу жолдору боюнча:** жыныстык жол – 58,6%, кан аркылуу жугуу жолу – 33,8%, энеден балага берилген жолу 2,4%, такталбагандар 5,2% түзөт.

Этияттыктын жетишсиздиги жана өз ден-соолугуна жоопкерчиликсиз мамиле кылуу ВИЧ-инфекциясынын жыныстык жол аркылуу таралышына өбөлгө түзүүдө. Жыл сайын жаңы аныкталган учурлардын арасында 2017-жылдан 2021-жылга чейин 63%дан 82%га өскөн жана 2023-жылдын ичинде 87%га көбөйгөн. Ал эми парентералдык (кан жана кан азыктары) жол менен 2017-жылдан 2023-жылга чейин 25%дан 4%га чейин азайган.

**- Бул ооруну козгогон вирус тууралуу айтып берсеңиз?**

- Оорунун козгогучу адамдын организминде гана жашоочу вирус болуп саналат, ал сырткы чөйрөдө туруксуз. 56 градуста 30 мүнөттө өлөт, жугушсуздандыруучу каражаттар (хлорамин, НГК ж,б.) бат өлтүрөт. Климаттык шартка жараша, адамдын организимине жараша өзгөрүп турган вирус, ошон үчүн бүгүнкү күнгө чейин дарысы табылбады.

**- ВИЧ/СПИДдин жугуу жолдору кандай?**

- Оорунун 3 жугуу жолу бар:

1.Жыныстык катнаш аркылуу: презервативсиз, туш келди жыныстык катнаш аркылуу жана эркек менен эркектер жыныстык катнашка барганда жугат.

2. Кан аркылуу оорулууларга текшерилбеген донордун каны куюлганда, жугушсуздандырылбаган медициналык аспаптар аркылуу, медициналык эмес аспаптарды колдонууда (балдарды сүннөткө отургузууда, татуировка жасоодо, чач тарачтарда кайчы, маникюр аспаптары, сакал алгычтарда, сулуулук салондорунда колдонулган аспаптар) жугат.

3. ВИЧ-инфекциясын жуктуруп алган энеден балага: боюнда барда, төрөт учурунда, эмчектин сүтү аркылуу жугат.

Башка учурларда: учурашууда, тамак ичкенде, идиш-аяк аркылуу, мончодон, саунадан, курт-кумурска аркылуу жукпайт.

**- Оорунун биринчи белгилери кандай болот?**

- Адамды сыртынан карап, анын оорулуу экенин айтуу кыйын, бир гана лабораториялык жол менен аныкталат. Эгер ден-соолугу чың адам вирусту жуктуруп алса 5-10 жылга чейин оорунун белгилери билинбей жүрө бериши мүмкүн. Буларда башка адамдарга жуктуруу коркунучу бар, булар вирустун алып жүрүүчүлөрү болуп саналат. Ал эми өнөкөт оорусу барларда оорунун белгилери эрте эле башталат. Вирус организмге киргенден кийин адамдын иммунитет чыгаруучу клеткаларын жабыркатат, бара-бара иммундук клеткалардын сырткы чөйрөдөн кирген микробдорго каршы күрөшүү функциясы жоголот. Адамдын иммунитети начарлай баштайт. Оорунун биринчи белгилери: узак убакытка 1-1,5 айга чейин эти ысып, башы ооруп, ичи өтөт. Тамак, колтук бездери жумуртканын көлөмүнө чейин чоңойуп, адам кайсы оору менен ооруп жүрсө ошол оорулары күчөйт жана сырттан ар кандай жугуштуу ооруларды бат жугузуп алат (кургак учук, онкологиялык оорулар, сарык оорулары, сасык тумоо ж.б). Организмдеги иммундук клеткалар жабыркагандан кийин оорунун бардык белгилери: кургак учук, рак, стоматит пайда болуп, денеге жаралар чыга баштайт, акыл-эси начарлайт. Акыры адам бул оорулар менен күрөшө албай төшөккө жатып калат.

**- Ооруган адамдар канчага чейин жашайт, аларды кантип дарылайсыздар?**

- Бул оору жаңы каттала баштаганда жана анын дарысы жок кезде вирусту жуктуруп алгандар эрте эле каза болушчу жана “СПИД–20 кылымдын чумасы” деп элдердин арасында айтылып келген. Бүгүнкү күнү бул узакка созулган өнөкөт оору болуп саналат. Дарылоо үчүн антиретровирустук (АРВ) дарылар колдонулат, бирок бул дары вирустун өзүн өлтүрбөйт, ал кандын составындагы иммундук клеткалардын ичине кире элек, бош жүргөн вирустардын кыймылын азайтып, алардын иммундук клеткаларга жабышуусуна тоскоолдук кылат. Бул дарылар бекер берилет жана бардык анализдер бекер жасалат, дарылар жетиштүү санда, 3-4 жыл мурун 7-8 таблеткадан ичишсе, бүгүнкү күнү илимдин өнүккөндүгүнө жараша бир күндө бир гана таблетка ичишет. Ооруну жуктуруп алган адамдын аз же көп жашашы бир гана өзүнө жараша болот. Мисалы, АРВ-дарыларды убагында ичпей, өзүн-өзү карабаса өлүм алыс эмес. Эгерде вирусту жуктуруп алган адам спорт менен машыгып, калориялуу тамак ичип, өзүн-өзү карап, тамеки чекпей, арак ичпей, жаман жолдорго барбай, оорулардан сактанып жүрсө, дарысын убагында ичсе көп жыл жашайт.

**- ВИЧ/СПИДге кимдер текшерилет?**

- Текшерилүүнүн түрлөрү бар, булар:

1-милдеттүү медициналык текшерилүү, чет элдик атуулдар, донорлор, медициналык кызматкерлер.

2-ыктыярдуу, ден соолугуна кайдыгер карабаган инсандар өз ыктыяры менен барып, текшерилип турушат.

3-мажбурлоо түрү – тергөөчүнүн, прокурордун чечиминин негизинде жүргүзүлөт. КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин буйругунун негизинде ВИЧке текшерилүүгө көрсөткүчү бар контингенттер текшерилет: баңгизатын колдонуучу адамдар, туш келди жыныстык катнашка баргандар, венерикалык оорулуулар, боюнда бар аялдар, түрмөдө жана убактылуу кармоочу жайда жаткандар, кургак учук, онкологиялык, гепатит, өнөкөт оорулар менен ооруган чоң адамдар жана балдар, медициналык мекемелерде кырсык учуруна кабылган медициналык кызматкерлер, ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөр менен катнаш болгондор жана жогорудагы оорулардан каза болгондордун айланасындагы адамдар тапшырышат.

**- ВИЧ-инфекциясынын алдын алуу үчүн кандай иштер жүргүзүлүп жатат?**

- ВИЧти алып жүргөн энеден төрөлгөн ымыркайдын согончогунан кан алып текшерүү ыкмасы киргизилди. Бул ымыркайда ВИЧ-инфекциясы бар же жок экенин биринчи 48 саатта эле аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлдү.

- Акыркы эки жылдын ичинде өзүн-өзү тестирлөө, катнашка чейинки алдын алуу ыкмасы,

- боюнда бар аялдарды ВИЧ-инфекцияга 2 жолу (биринчи жана үчүнчү үч айлыкта) текшерүү,

- бейөкмөт уюмдардын базасында дарылоо жана бардык стационарларда кан аркылуу экспресс тестирлөө ыкмалары киргизилди.

- Республика боюнча Россия Федерациясы тарабынан гуманитардык жардам катары берилген 9 мобилдик клиника иштеп жатат. Клиниканын негизги максаты алыскы региондордо жашагандардын, аярлуу топтордун жана мигранттардын арасында алдын алуу иштерин жүргүзүү жана жугуштуу ооруларды эрте аныктоо болуп саналат. Бул клиниканын ичинде УЗИ, ЭКГ аппараттары, акушердик керебет, аспаптары менен жана лабораториясы бар. Манжадан алынган кандан бир убакта 4 инфекцияны: ВИЧти, вирусттук гепатиттин В жана С түрлөрүн жана сифилис оорусун аныктаса болот.

Мобилдик клиниканын аркасы менен 2016-жылдан бери 132 326 киши экспресс-тест менен текшерилип, анын ичинен 31 ВИЧ-инфекциясын алып жүргөндөр, 4795 гепатит оорусунун “В” жана 1368 “С” түрлөрү, 1159 сифилис оорусу менен ооругандар аныкталып, андан ары тастыкталып, бүгүнкү күндө тийиштүү дарыларын алышууда.

**- Вирустук гепатит оорулары боюнча жүргүзүлүп жаткан иштерге токтолуп кетсеңиз?**

- Ушул тапта гепатит ооруларынын алдын алуу үчүн көптөгөн аракеттер жүргүзүлүп жатат. Кыргыз мамлекети Чыгыш Европа, Орто Азия мамлекеттеринин арасынан алгачкылардан болуп эмдөөнү пилоттук негизде баштадык:

1. 3 доза (биринчи доза – биринчи алган күнү – экинчи доза 1 айдан кийин – үчүнчү доза 6 айдан кийин) менен жүргүзүлө турган эмдөөнү 23 жаштан жогору жарандарыбызга жүргүзүүдөбүз. Вакцина жүргүзөөрдүн алдында гепатиттин «В» түрүнүн бар же жок экенин аныктоо үчүн ЭТ (экспресс тест) жүргүзүлөт. 94 253 адам вакцинанын 3 дозасын толук алышты, бул 94253 адам гепатиттин «В» түрү менен оорушпайт дегенди билдирет. Алардын организминде антителолор бар. Тиш доктурга, ж.б. бейтапканаларга барганда дагы вирусту жуктуруп албайт дегенди түшүндүрөт.

2. Кан аркылуу жугуучу гепатиттерди аныктоо кызматын бизге кошуп берген кыска убакытта (8 ай ичинде) 21670 адамдан кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди аныктадык. Булардын ичинен гепатиттин «В» түрү менен 14 521 адам, 7149 гепатиттин «С» түрү менен ооруй тургандыгын тактадык.

3. Андан тышкары гепатит менен ооруган адамдарга ЭТ, вакцинация, лабораториялык анализдерди (ИФА, ПЦР) иликтөө иштери, дарылоолор мамлекеттен акча каражаты бөлүнгөндүгүнө байланыштуу бекер жүргүзүлүүдө. Бизде азырынча УЗИ, Фиброскан аппараттары жок болгондугуна байланыштуу ал анализдерден өтүү үчүн менчик медициналык мекемелерге жиберүүдөбүз.

**- Кайсы жерде каттоого туруп ЭТ вакцина, лабораториялык анализдерди жана дарыларды алыш керек?**

- Учурда анализ тапшырып, эмдөөдөн өткүсү келген каалоочулар абдан көп. Жарандарыбыз жашаган дарегине караштуу үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлорунан ЭТ, вакцинация, бардык анализдерден өтүп, көрсөткүчү бар болсо, ошол жерден эле дарыланат, дарылар дагы жетиштүү санда.

Врачтардын гепатит оорусу менен ооругандарды дарылоо боюнча тажрыйбасыздыгынан, бардык ҮДБда гепатолог врачтар жок болгондугуна байланыштуу башталышында бир топ кыйынчылыктар болду. Бүгүнкү күнү клиникалык протоколдор иштелип чыгып, врачтар окутулду.

Эмдөөнүн негизги максаты – сактануу жана дарттын алдын алуу. Ковидден сактануу үчүн эл арасында кеңири түшүндүрүү иштери абдан жогорку деңгээлде жүрбөдү беле. Биз дагы кан аркылуу жуга турган илдеттерге бөгөт коюу максатында дал ушундай түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аракетин көрүп жатабыз. Эл аралык долбоорлордун колдоосу астында бардык аракеттерди жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгүбүз бар.

**- Ооруну кандайча токтотууга болот жана кантип алдын алуу керек?**

- Ооруну токтотуп калуунун бирден-бир куралы бул – маалымат. Элге тынбай маалымат берип, түшүндүрүү иштерин жүргүзө берүү керек. Оорукана ичинде ВИЧ-инфекциясынын, гепатит оорусунун «В», «С» түрлөрүнүн медициналык инструменттер аркылуу тарашынын алдын алуу максатында колдонулган инструменттердин туура жугушсуздандырылышына, жууп-тазаланышына, стерилизация болушуна жана донордун канынын жогорудагы инфекцияга текшерилбей куюлушуна, ВИЧ-инфекцияга текшерилүүгө көрсөткүчү бар контингенттердин толук текшерилүүсүнө катуу көзөмөл жүргүзүлөт.

Жогоруда айткандай СПИД оорусуна каршы күрөшүү бир гана медициналык кызматкерлердин жумушу эмес, жалпы коомчулук бирдикте иш алып барышыбыз зарыл. Облустарда облустук мамлекеттик администрациясынын алдындагы ВИЧ, кургак учук жана безгек боюнча координациялык комитеттердин иштерин жандандыруу керек.

Борбордун социалдык баракчаларында (фейсбук: aidscenter.kg, инстаграм: aids_center_kg) жана официалдык сайтында (www.aidscenter.kg) кеңири маалыматтар жайгаштырылган.

**- Маанилүү маегиңиз үчүн Сизге чоң рахмат. Жоопкечиликтүү зор иштериңизди ийгиликтер жылоолой берсин!**

***Биз жогоруда кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттерди жана ВИЧ инфекциясын көзөмөлдөө борборунун директору Чокморова Үмүткан Жусуповна менен учурда көйгөйлүү дарттар менен күрөшүүдө кандай иш-чаралар жүрүп жаткандыгы тууурасында маек курдук. Аталган борбордо ушул дарттын алдын алып сактануу үчүн мамлекетибиздин жарандары менен олуттуу, маанилүү аракеттер болуп жатканы коомчулугубузга маалым. Үмүткан айымдын ишине ийгиликтерди каалайбыз, элибизди ушул дарттан сактоодо жалпы жамааты менен бирге опол тоодой аракеттерди жасай бере тургандыктарына ишенебиз.***

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**



*Өткөн жылдын аягында Баткен облусунда кан аркылуу жугуучу вирустук гепатитттерди жана ВИЧ инфекциясын талкуулоо боюнча маанилүү координациялык кеңешме болуп өттү. Иш-чарага Министрлер Кабинетинин Баткен облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары, Саламаттык сактоо министрлигинин, ҮМБнын, пробациянын, БУУнун, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун өкүлдөрү, дарыгерлер болуп 34 адам катышты.*

*Иш-чаранын алкагында инфекцияларга натыйжалуу каршы туруу үчүн медициналык, укук коргоо жана билим берүү мекемелеринин ортосундагы кызматташуу, биргеликте калк арасында түшүндүрүү иштерин күчөтүү стратегиялары талкууланды. Ошондой эле убактылуу кармоочу жайларда, абактагыларды жана абактан чыккандарды, медициналык мекемеге кайрылган бардык жарандарды вирустук гепатиттердин В,С түрлөрүнө текшерүү жана Бүткүл дүйнөлүк Саламаттык сактоо уюму (ВОЗ) сунуштаган экспресс-тестирлөө медициналык мекемелерде жана калк арасында жайылуу керектиги баса белгиленди.*

## ИШКЕРДИК СУБЪЕКТТЕР ҮЧҮН ЖАГЫМДУУ САЛЫК ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ ЖАНА КАМСЫЗДАНДЫРЫЛГАН АДАМДАРДЫН МАМЛЕКЕТТИК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДООГО КЫЗЫКЧЫЛЫГЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Өлкөнүн экономикасынын алдында турган учурдагы чакырыктардын шартында экономикалык өсүүнүн жана социалдык өнүгүүнүн маанилүү кыймылдаткычы болуп эсептелген ишкердик субъекттерге дем берүүгө жана колдоого өзгөчө көңүл бурулууда. Ошондой болсо да, көптөгөн ишкерлер расмий эмес сектордо иштөөсүн улантууда, бул өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана инновациялык потенциалын өнүктүрүүгө тоскоолдуктарды жаратууда.

Камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин колдонуудагы ставкасы бизнестин өкүлдөрү туш болгон эң курч проблемалардын бири болуп саналат. Иш берүүчү төлөгөн социалдык чегерүүлөр салыктык чегерүүлөрдүн суммасынан олуттуу ашат, муну менен кызматкерлердин эмгек акысынын өлчөмдөрүн төмөндөтүү үчүн негиздер түзүлүп жатат жана ишкердикти өнүктүрүү үчүн жагымсыз экономикалык чөйрөнүн келип чыгуусуна түрткү болууда.

Бизнес үчүн кыйла жагымдуу шарттарды түзүү, активдүүлүгүнө дем берүү, финансылык ресурстардын жеткиликтүүлүгүн көбөйтүү жана финансылык оорчулукту жеңилдетүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна төмөнкүлөрдү караган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын долбоорлорун киргизсин:

1) бюджеттик уюмдарды жана жогорку кирешелүү тармактарды (пайдалуу кендерди казып алууну; электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылууну (жабдууну); маалыматты жана байланышты; акциздик товарларды (алкоголдук, тамеки буюмдары жана күйүүчү-майлоочу материалдар) сатууну; коммерциялык банктарды, адистештирилген финансы-кредиттик же кредиттик мекемелерди) кошпогондо, ишкердик субъекттер үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн ставкаларын 27,25 пайыздан 12,25 пайызга чейин төмөндөтүүнү;

2) кызматкерлерге төлөнүүчү эмгек акыны (кирешени) жашыргандыгы үчүн иш берүүчүлөрдүн жоопкерчилигин;

3) салык салуу жана камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө максаттары үчүн эмгек акыны белгилөө боюнча талаптарды аныктоону;

4) республикалык бюджетке киреше салыгынан чегерүүлөрдүн ченемин белгилөөнү;

- республикалык бюджетте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна кошумча ассигнованиелерди карасын.

**2.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**3.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 1-марты, ПЖ №49***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН РЕСПУБЛИКАЛЫК МААНИДЕГИ ШААРЛАРДЫН МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРЫНЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУЧУ АЙРЫМ ЖАРЛЫКТАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Республикалык маанидеги шаарларда башкаруу системасын оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 3-пункттун биринчи абзацы «Мамлекеттик» деген сөздөн кийин «же муниципалдык» деген сөздөр менен толукталсын;

2) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде:

- II бөлүмдүн 5-главасында:

1-пункттун «Республикалык маанидеги шаардын мэриясы» графасында:

«Жогорку кызмат орду» тобунун «Ж-А» категориясы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Аппарат жетекчиси (*) (***)»;

«Башкы кызмат орду» тобунун «Б-А» категориясы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Башкармалыктын начальниги (*) (***)»;

«Улук кызмат орду» тобунун «У-Б» категориясы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Башкы инспектор»;

«Кенже кызмат орду» тобунда:

«К-А» категориясы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Улук инспектор»;

«К-Б» категориясы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Инспектор»;

5-главага эскертүүдө:

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«(***) – административдик муниципалдык кызмат орду Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратында пилоттук негизде 2025-жылдын 1-январына чейинки мезгилге киргизилет.».

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлыктын 1-тиркемесинде:

- II бөлүмдүн 1-главасында:

3-пунктта «Вице-мэр» деген сөз «Мэрдин орун басары» деген сөздөргө алмаштырылсын;

11-пункт «Башкы адис» деген сөздөрдөн кийин «, башкы инспектор» деген сөздөр менен толукталсын;

12-пункт «, улук инспектор» деген сөздөр менен толукталсын;

13-пункт «, инспектор» деген сөздөр менен толукталсын.

**3.** Бул Жарлык расмий жарыялanууга тийиш жана 2023-жылдын 18-декабрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 1-марты, ПЖ №50***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЖАРЛЫКТАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

“Аскердик наамдарды, класстык чендерди, атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды белгилөө жөнүндө”, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, класстык чендерди ыйгаруу маселелерин укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2016-жылдын 30-декабрындагы №308 “Мамлекеттик жарандык кызматчыларга, муниципалдык кызматчыларга жана башка адамдарга класстык чендерди ыйгаруу маселелери жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбула төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Аскердик наамдарды, класстык чендерди, атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды белгилөө жөнүндө”, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, класстык чендерди ыйгаруу маселелерин укуктук жөнгө салуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам**:”;

2) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартибинде:

- 10-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“10. Кызматчыга класстык чен ыйгаруу жөнүндө маалыматтар кызматчынын эмгек китепчесинде, өздүк ишинде жана кызматтык күбөлүгүндө көрсөтүлөт. Кызматчынын класстык ченин төмөндөтүү жана ажыратуу жөнүндө маалыматтар кызматчынын өздүк ишинде көрсөтүлөт. Ошондой эле ушул пунктта каралган маалыматтар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системасына (“e-Kyzmat” АМС) киргизилет.”;

- 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“20. Ыйгарылган класстык ченде кызмат өтөө мөөнөтү класстык чен ыйгарылган күндөн тартып эсептелет. Бул мөөнөткө мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат орундарын ээлеген мезгилдер гана кирет. Кызмат адамынын бала багуу боюнча өргүүдө, узактыгы 14 календардык күндөн көп болгон эмгек акысы сакталбаган өргүүдө (анын ичинде окуу өргүүлөрү) болуу убактысы көрсөтүлгөн мөөнөткө кирбейт.”;

- төмөнкүдөй мазмундагы $26^1$-пункт менен толукталсын:

“$26^1$. Мамлекеттик жарандык кызматтын кенже инспектору, мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы инспектору, мамлекеттик жарандык кызматтын 1, 2 жана 3-класстагы кеңешчиси класстык чендерин ыйгаруу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын Жетекчиси тарабынан жүргүзүлөт:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчисинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматчылары үчүн, персоналды башкаруу маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси менен макулдашылган;

- саясий мамлекеттик кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө жогоруда аталган адамдардын сунушу боюнча алардын ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүү үчүн уюштурулган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратындагы патронаттык кызмат орундарын ээлеген кызматчылар үчүн, персоналды башкаруу маселелери боюнча түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси менен макулдашылган.”;

- 29-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“29. Мамлекеттик жарандык кызматтын 3-класстагы мамлекеттик кеңешчиси жана муниципалдык кызматтын 3-класстагы муниципалдык кеңешчиси класстык ченин ыйгаруу Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:”;

- 33-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“33. Мамлекеттик жарандык кызматтын мамлекеттик кеңешчиси, муниципалдык кызматтын муниципалдык кеңешчиси класстык чендерин ыйгарууда тиешелүү күбөлүк берилет.”;

3) жогоруда аталган Жарлыгы менен бекитилген Саясий мамлекеттик кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарга класстык чендерди ыйгаруунун, төмөндөтүүнүн жана ажыратуунун тартибинде:

- 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“8. Кызмат адамына класстык чен ыйгаруу жөнүндө маалыматтар кызмат адамдын эмгек китепчесинде, өздүк ишинде жана кызматтык күбөлүгүндө көрсөтүлөт. Кызмат адамынын класстык ченин төмөндөтүү жана ажыратуу жөнүндө маалыматтар кызмат адамынын өздүк ишинде көрсөтүлөт. Ошондой эле ушул пунктта каралган маалыматтар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системасына (“e-Kyzmat” АМС) киргизилет.

Мамлекеттик жарандык кызматтын мамлекеттик кеңешчиси, муниципалдык кызматтын муниципалдык кеңешчиси класстык чени ыйгарылган учурда тиешелүү күбөлүк берилет.”;

- 18-пункттун 3-пунктчасынын үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- мамлекеттик органдын ведомстволук бөлүмүнүн жетекчиси, жетекчисинин орун басары (Президент, Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан дайындалуучу жана бошотулуучу кызмат орундары), аскердик наамдарды, атайын класстык чендерди жана атайын наамдарды ыйгаруу каралган мамлекеттик органдарды кошпогондо, мамлекеттик органдын жетекчисинин сунушу боюнча.”;

- жогоруда аталган Тартиптин 1-тиркемесинде:

3-пунктта:

жетинчи абзацта “Президенттин жана Министрлер Кабинетинин канцеляриясынын начальниги, Президенттин Администрациясынын кызматынын жетекчиси, Президенттин Администрациясынын борборунун директору” деген сөздөр “Президенттин Администрациясынын канцеляриясынын начальниги, Президенттин Администрациясынын кызматынын жетекчиси” деген сөздөргө алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын төрагасы, Эсептөө палатасынын төрагасы, Акыйкатчы (Омбудсмен)”;

4-пунктта:

биринчи абзацта “Президенттин Администрациясынын борборунун директорунун орун басары” деген сөздөр “Президенттин Администрациясынын борборунун директору (башкармалыктын курамында)” деген сөздөргө алмыштырылсын;

экинчи абзацта “Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн (башкармалыктын курамында) башчысынын орун басары, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин канцеляриясынын начальнигинин орун басары - сектор башчысы” деген сөздөр “Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн (башкармалыктын курамында) башчысынын орун басары, Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн (башкармалыктын, бөлүмдүн курамында) башчысынын орун басары - кызматтын жетекчиси, Президенттин Администрациясынын борборунун директорунун орун басары (башкармалыктын курамында), Президенттин Администрациясынын канцеляриясынын начальнигинин орун басары - сектор башчысы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Президенттин иш башкаруучусу”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы №17 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестрин бекитүү жөнүндө” Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринде:

- I бөлүмүнүн “Саясий мамлекеттик кызмат орундары” 1-главасында:

онунчу абзацта “Президенттин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин канцеляриясынын начальниги, Президенттин Администрациясынын кызматынын жетекчиси, Президенттин Администрациясынын борборунун директору” деген сөздөр “Президенттин Администрациясынын канцеляриясынын начальниги, Президенттин Администрациясынын кызматынын жетекчиси” деген сөздөргө алмаштырылсын;

он биринчи абзацта “Президенттин Администрациясынын борборунун директорунун орун басары” деген сөздөр “Президенттин Администрациясынын борборунун директору (башкармалыктын курамында)” деген сөздөргө алмаштырылсын;

он үчүнчү абзацта “Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн (башкармалыктын курамында) башчысынын орун басары, Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн (башкармалыктын, бөлүмдүн курамында) башчысынын орун басары - кызматтын жетекчиси, Президенттин жана Министрлер Кабинетинин канцеляриясынын начальнигинин орун басары - сектор башчысы” деген сөздөр “Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн (башкармалыктын курамында) башчысынын орун басары, Президенттин Администрациясынын борборунун директорунун орун басары (башкармалыктын курамында), Президенттин Администрациясынын бөлүмүнүн (башкармалыктын, бөлүмдүн курамында) башчысынын орун басары - кызматтын жетекчиси, Президенттин Администрациясынын канцеляриясынын начальнигинин орун басары - сектор башчысы” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 1-марты, ПЖ №52***

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 4-МАРТЫНДАГЫ №70 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТУРУКТАШТЫРУУ ФОНДУН ТҮЗҮҮ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Кечиктирилгис чечимди талап кылган мамлекеттик экономикалык программаларды оперативдүү каржылоо максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин $43^3$-беренесинин 2-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 4-мартындагы №70 "Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү тууралуу" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондун түзүү жана пайдалануу тартибинде:

- 13-пункттун 1-пунктчасында "жогорку" деген сөз алып салынсын;

- төмөнкүдөй мазмундагы $22^2$-пункт менен толукталсын:

"$22^2$. Турукташтыруу фондунун каражаттары Кыргыз Республикасынын Президентинин демилгеси боюнча ушул Тартипте каралган максаттарга жана башка иш-чараларга бөлүнүшү мүмкүн.":

- төмөнкүдөй мазмундагы $30^1$-пункт менен толукталсын:

"$30^1$. Кыргыз Республикасынын Президентинин демилгеси боюнча Турукташтыруу фондунан акча каражаттары бөлүнгөн учурда ушул Тартиптин 26-30-пункттары колдонулбайт.";

- 31-пункт "Министрлер Кабинети" деген сөздөрдөн кийин "же Кыргыз Республикасынын Президенти" деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** Бул Жарлык расмий жарыялануга тийиш жана 2023-жылдын 27-октябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 2-марты, ПЖ №53***

### №2 БАТКЕН БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ ЖАНА №9 КАРА-СУУ БИР МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ШАЙЛООНУ ДАЙЫНДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

№2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 59, 65-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** №2 Баткен бир мандаттуу шайлоо округу жана №9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жетинчи чакырылышынын депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо жекшембиге, 2024-жылдын 28-апрелине дайындалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы шайлоону өткөрүүнү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уюштурсун.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чыгымдарынын сметасына ылайык шайлоону өткөрүү үчүн зарыл болгон финансылык каражаттарды бөлсүн;

2) шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде мыйзамдуулукту, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, коомдук тартипти сактоону камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

3) Бирдиктүү мамлекеттик реестрдин негизинде шайлоочулардын так тизмесин түзүү үчүн анын маалыматтарын тактоо боюнча чараларды көрсүн;

4) шайлоо процессинде колдонулуучу маалыматтык электрондук системалардын киберкоопсуздугун, электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасы аркылуу маалыматтарды алмашууну, мыйзамдарда аныкталган маалыматтарды берүү процесстерин жүргүзүү үчүн үзгүлтүксүз жана коопсуз байланыш каналдарын камсыз кылууда Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына көмөк көрсөтсүн;

5) добуш берүү жана шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын коопсуз сакталышын камсыз кылуу боюнча чараларды көрсүн;

6) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүнү жөнгө салуучу мыйзамдардан келип чыгуучу башка иш-чараларды белгиленген тартипте ишке ашырууну камсыз кылсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылсын.

**5.** Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө уюштуруучулук-техникалык маселелерди чечүүдө тиешелүү ыйгарым укуктуу органдардын жана шайлоо комиссияларынын ишине көмөк көрсөтсүн.

**6**. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 4-марты, ПЖ №60***

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН АКСЫ РАЙОНУНУН КЫЗЫЛ-ТУУ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИГИНЕ МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУН ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Балдарга мектепке чейинки билим берүүгө шарттарды түзүү, жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана тартуу, ошондой эле мамлекеттик мүлктү натыйжалуу пайдалануу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте Жалал-Абад облусу, Аксы району, Кызыл-Туу айыл өкмөтү, Кызыл-Туу айылы, Батырбек көчөсү, 47 дареги боюнча жайгашкан жалпы аянты 0,30 га бала бакчанын имаратын Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине мектепке чейинки билим берүү уюму катары пайдалануу үчүн өткөрүп берсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Аксы районунун Кызыл-Туу айыл өкмөтүнө төмөнкүлөр сунушталсын:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн объектти муниципалдык менчикке кабыл алуу;

- өткөрүп берилүүчү объектти так максаттуу багыты боюнча пайдалануу;

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн объектти муниципалдык менчикке мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү;

- өткөрүп берилүүчү объектти сактоону камсыз кылуу жана андан ары ээликтен ажыратууну жүргүзбөө;

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн объектти күтүүнү жана андан ары тейлөөнү жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 28-февралы, №87***

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ПРОДУКЦИЯНЫН ШАЙКЕШТИГИН ЫРАСТОО ЖАНА ШАЙКЕШТИКТИ БААЛОО БОЮНЧА ОРГАНДАРДЫ АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Улуттук мыйзамдарды Евразия экономикалык комиссиясынын чечимдик укуктук базасына шайкеш келтирүү боюнча чараларды андан ары көрүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 16-ноябрындагы №795 "Кыргыз Республикасында шайкештикти баалоо боюнча органдарды аккредитациялоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 6-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"- Аккредитациялоо боюнча улуттук орган тарабынан шайкештикти баалоо боюнча аккредиттелген органдарды Евразия экономикалык биримдигинин шайкештикти баалоо боюнча органдарынын бирдиктүү реестринин улуттук бөлүгүнө киргизүү/чыгаруу жөнүндө чечимдерин кабыл алуунун тартиби жана негиздери жөнүндө жобо.";

- ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакциядагы тиркеме менен толукталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-январындагы №20 "Шайкештик жөнүндө декларацияны кабыл алуу формасында продукциянын шайкештигин милдеттүү түрдө тастыктоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Евразия экономикалык биримдигинин (Бажы биримдигинин) техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик жөнүндө бирдиктүү формадагы декларацияларды каттоо компетенциясынын чегинде ыйгарым укуктуу органдар тарабынан ишке ашырылары белгиленсин.";

2) төмөнкүдөй мазмундагы $4^1$, $4^2$-пункттар менен толукталсын:

"$4^1$. Жол-курулуш багытындагы продукциялардын, курулуш материалдарынын, буюмдардын жана конструкциялардын Евразия экономикалык биримдигинин (Бажы биримдигинин) техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештиги жөнүндө бирдиктүү формадагы декларацияларды каттоо Евразия экономикалык биримдигинин шайкештикти баалоо боюнча органдарынын бирдиктүү реестрине киргизилген, аккредитациялоо жаатты декларациялануучу продукцияга жайылтылган сертификаттоо боюнча аккредиттелген органдар тарабынан ишке ашырылары белгиленсин.

$4^2$. Техникалык байланыш каражаттарын Евразия экономикалык биримдигинин (Бажы биримдигин) техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештиги жөнүндө бирдиктүү формадагы декларацияларды каттоо Евразия экономикалык биримдигинин шайкештикти баалоо боюнча органдарынын бирдиктүү реестрине киргизилген сертификаттоо боюнча аккредиттелген мамлекеттик орган тарабынан аккредитациялоо жаатына ылайык ишке ашырылары белгиленсин.";

3) 8-пунктта:

- биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8. Ыйгарым укуктуу орган, курулуш багытындагы продукцияларды же техникалык байланыш каражаттарын сертификаттоо боюнча аккредиттелген органдар:";

- 1-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) Евразия экономикалык биримдигинин (Бажы биримдигинин) техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик жөнүндө бирдиктүү формадагы декларацияларды каттоо ушул Жобого ылайык өз компетенциясынын чегинде ишке ашырсын;";

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Евразия экономикалык биримдигинин (Бажы биримдигинин) техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик жөнүндө бирдиктүү формадагы декларацияны кабыл алуунун тартиби жөнүндө жободо:

- 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Шайкештик жөнүндө декларацияны каттоо үчүн арыз берүүчү продукциянын түрүнө жараша ыйгарым укуктуу органга же курулуш багытындагы продукцияларды же техникалык байланыш каражаттарын сертификаттоо боюнча аккредиттелген органдарга шайкештик жөнүндө декларацияны жана ага тиркелген, ушул Жобонун 3-пунктунда каралган документтерди жана маалыматтарды кагаз жүзүндөгү документтер түрүндө жеке өзү, салуу тизими жана тапшырылгандыгы жөнүндө кабарлоо менен заказдык почта аркылуу жөнөтүү менен же Интернет маалыматтык-телекоммуникациялык тармагын пайдалануу менен электрондук документтер түрүндө берет.";

- 4-пункттун биринчи абзацындагы, 5-пункттагы "Ыйгарым укуктуу орган же сертификаттоо боюнча аккредиттелген орган", "ыйгарым укуктуу орган же сертификаттоо боюнча аккредиттелген орган" деген сөздөр тиешелүү түрдө "Ыйгарым укуктуу орган же курулуш багытындагы продукцияларды же техникалык байланыш каражаттарын сертификаттоо боюнча аккредиттелген орган" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 9-пункттун экинчи абзацындагы "Продукциялык сертификаттоо" деген сөздөр "Курулуш багытындагы продукцияларды же техникалык байланыш каражаттарын сертификаттоо" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 12-пункттун биринчи абзацындагы "сертификаттоо боюнча" деген сөздөр "курулуш багытындагы продукцияларды же техникалык байланыш каражаттарын сертификаттоо боюнча" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 15, 16, 17-пункттардагы, 19-пункттун биринчи абзацындагы "сертификаттоо боюнча" деген сөздөр "курулуш багытындагы продукцияларды же техникалык байланыш каражаттарын сертификаттоо боюнча" деген сөздөргө алмаштырылсын.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз аккредитациялоо борбору жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология боюнча борбор бир айлык мөөнөттө өздөрүнүн актыларын ушул токтомго ылайык келтирсин.

